# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №05 (291) | 31.05.2023. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


*Баш маселе*

## Манас - дүйнөдөгү эң бийик чокулардын бири!



### УЛУТТУК КОМИССИЯ ИШ ЧАРАЛАР

2-3-БЕТТЕР



Жамгырбек Бөкөшов

### "ТИЛ. БОЛУМ. БИЛИМ"

4-БЕТ



Эсенбай Нурушев

### "БЕЙКУТ"

*(Бир сөздүн тарыхы)*

6-БЕТ

# “Социалдык фонддогу мамлекеттик тилдин абалы” аттуу жыйын болду.

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан уюштурулган “Социалдык фонддогу мамлекеттик тилдин абалы”аттуу жыйын болуп өттү.*

Жыйынга Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Осмоналиев Каныбек Осмоналиевич, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасынын орун басары Жума уулу Улан, Кыргызтест мамлекеттик мекемесинин директору Топоева-Ставинская Батма Болоталиевна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жетекчисинин орун басарлары жана аппарат кызматкерлери, түзүмдүк ведомстволордун жетекчилери, мамлекеттик тил адистери, лингвист-эксперттер жана ЖМК өкүлдөрү катышты.

Жыйында Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү секторунун башчысы Ниязакунов Тимур Макмуткaзиевич - “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселелери” боюнча маалымат берди. Кыргызтест мамлекеттик мекемесинин директору Топоева-Ставинская Батма Болоталиевна “Кыргызтест: мамлекеттик кызматкерлердин тилди билүү деңгээлин баалоо маселелери” тууралуу айтты. КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Осмоналиев Каныбек “Социалдык фонд тармагында мамлекеттик тилдин абалы: иш кагаздарынын жүргүзүлүшү жана колдонулушу” жөнүндө кенен баяндама жасап, бир топ көйгөйлүү маселелерди ортого салды. Ошону менен катар бир нече сунуш-пикирлердин негизинде төмөндөгүдөй кайрылуу кабыл алынды:




- КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги “Мамлекеттик органдарда мамлекеттик тилдин колдонулушу жана абалы жөнүндө” №15 протоколдук тапшырмасынын аткарылышын камсыз кылуу;

- КР Жогорку Кеңешинин 2023-жылдын 8-январындагы №864-V11 токтомунун аткарылышын камсыз кылуу.

- 2023-жылдын ичинде “КР мамлекеттик тили жөнүндө” КР мыйзамынын аткарылышы боюнча маселени мекеменин коллегиясында кароо.

-Министрлик жана ага караштуу мекемелердин веб-сайттарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүн камсыздоо (Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-февралындагы №59-т тескемесинин талаптарын аткаруу максатында).

- КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №757 токтомунун талаптарын аткаруу, т.а. мекеменин кызматкерлерин “Кыргызтест” системасынан толук өткөрүү жана сертификаты бар кызматкерлерден иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнү талап кылуу.

- КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. Жапаровдун 2022-жылдын 10-майындагы № 26-103 тескемесинин талаптарын аткаруу максатында министрликке караштуу мекемелердин Инфодокс системасына толук кошулуусун, системага катталган мекемеуюмдардын аталыштарын, документтеринин (номенклатура боюнча) аталышын кыргыз тилинде так, туура берилишин камсыздоо.

- Иш кагаздарын тариздөөдө келип чыккан термин маселелерин бирдейлештирүү жана ирээтке келтирүү максатында КР Президентине карашуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору менен иш алып баруу.

Социалдык фонд менен ага караштуу мекемелердин (республика боюнча) өз ара кат алышуусунун, борбордук аппаратынан чыгып жаткан иш кагаздарынын мамлекеттик тилдеги көрсөткүчүн жогорулатууну катуу көзөмөлгө алуу жана жагдайды жакшыртуунун механизмдерин иштеп чыгуу;

Аймактык түзүмдүк бөлүмдөрдө иш кагаздарынын мамлекеттик тилде сабаттуу жүргүзүлүшү боюнча атайын чараларды уюштуруу.

# Иш кагаздары боюнча учкай маалымат




*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги “Мамлекеттик органдардагы мамлекеттик тилдин колдонулушу жана абалы жөнүндө” жыйындын №15 Протоколдук тапшырмасын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан 2023-жылдын 1-мартынан тартып мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердеги иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшү жана “Инфодокс” системасындагы абалы боюнча аналитикалык талдоо жүргүзүү, талкуулоо максатында жыйындар кайрадан өткөрүлүүдө. Атап айтсак 1-мартта Чүй областынын Кант жана Токмок шаарында, 10-мартта Ош областында жана Ош шаарында, 15-мартта Бишкек шаарында, 16-17-мартта Ысык-Көл областынын Балыкчы жана Чолпон-Ата шаарында, 29-мартта Чүй областынын Шопоков жана Кара-Балта шаарында, 11-12-13-майда Жалал-Абад облусунда уюштурулду.*

“Инфодокс” системасынын берген маалыматы боюнча 2022-жылы башка аймактарга салыштырмалуу Чүй облусундагы мамлекеттик, муниципалдык мекемелердин басымдуу бөлүгү иш кагаздарын расмий тилде жүргүзүп келишкендиги слайдда көрсөтүлүп, областтын, райондун, шаардын, муниципалдык жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча сунуштар берилди. Ошондой эле “Кыргызтест” мамлекеттик мекемеси тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо максатында жеринде көчмө тест өткөрүлдү.

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-главасынын 17-беренесине ылайык Кыргыз Респубикасынын Өкмөтүнүн №120 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын” негизинде иш жүргүзүү тууралуу 2023-жылдын 13-майынан 18-майына чейин Ош облусунун Араван, Ноокат, Өзгөн, Кара-Суу, Алай райондорунда окутуу семинарлары өткөрүлдү. Бул семинарда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын орун басары Орозобекова Жылдыз Калмашевна “Мамлекеттик органдарда мамлекеттик тилдин абалы” деген темада баяндама жасап, тил саясатынын маанисине терең токтолду. Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун директору Маражапова Нуржан Кенжегуловна өлкөбүздөгү термин, терминология, котормо боюнча боюнча маалымат берип, семинар суроо-жооп, талкуулар менен коштолду.

Ушуга улай Бишкек шаарынын муниципалдык кызматкерлери үчүн “Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүдө – тилдик маселелер” аталышында окутуу семинар өткөрүү пландаштырылууда.



№05 (291)
31 05 2023
kyrgyztili@mail.ru

2023-жылдын 14-апрелинен баштап бардык министрликтерде жана Бишкек мэриясынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн башкаруу органдарында иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнүн "Инфодокс" системасындагы көрсөткүчтөрүнө ылайык аналитикалык талдоо жүргүзүү максатында «Министрликтерде мамлекеттик тилдин абалы» аталышында жыйындар өткөрүлүүдө. Атап айтканда 14-апрелде КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде, 21-апрелде КР Саламаттык сактоо министрлигинде, 10-майда КР Экономика жана коммерция министрлигинде жыйындар болуп өттү. Ал эми 19-майда КР Финансы министрлигинде, (145 адамдын катышуусунда) министрликтин жетекчилиги, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилиги жана аппарат кызматкерлеринин катышуусунда иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнүн абалы талкууланды. Жыйында КР Финансы министринин орун басары Календеров Улугбек Ибраимович, КР Финансы министринин орун басары Дуйшеева Жибек Курманбековна, Кыргызтест мамлекеттик мекемесинин директору Б.Топоева-Ставинскаялар баяндама жасашты. Ал эми КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиев "Финансы тармагындагы мамлекеттик тилдин абалы: иш кагаздарынын жүргүзүлүшү, колдонулушу" тууралуу баяндама жасап, бир топ көйгөйлүү маселелерди ортого салды. Инфодокстун маалыматы боюнча чыгыш документтеринин статистикасы төмөнкү таблицада берилгендей жалпы иш кагаздарынын мамлекеттик тилде % көрсөткүчү 2022-жылы 27% түзгөн болсо, 2023-жылы 51% түзгөн.

Ал эми чыгыш документтердин статистикасы боюнча 2022-жылы мамлекеттик тилде 39% түзгөн болсо, 2023-жылы 84% көрсөткүчкө жеткендиги белгиленди.

Министрликте алгылыктуу иштер жүрүп жаткандыгы жана мындан ары дагы талыкпай мамлекеттик тилди өнүктүрүү менен тил саясатын жайылтууга салымы чоң экендигин белгиленди. Ошону менен катар бир нече сунуш-пикирлердин негизинде төмөндөгүдөй кайрылуу кабыл алынды:

- КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги "Мамлекеттик органдарда мамлекеттик тилдин колдонулушу жана абалы жөнүндө" №15 протоколдук тапшырмасынын аткарылышын камсыз кылуу;

- КР Жогорку Кеңешинин 2023-жылдын 8-январындагы №864-V11 токтомунун аткарылышын камсыз кылуу.

- 2023-жылдын ичинде "КР мамлекеттик тили жөнүндө" КР мыйзамынын аткарылышы боюнча маселени мекеменин коллегиясында кароо.

-Министрлик жана ага караштуу мекемелердин веб-сайттарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүн камсыздоо (Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-февралындагы №59-т тескемесинин талаптарын аткаруу максатында).

- КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-ноябрындагы №758 токтомунун талаптарын аткаруу, т.а. мекеменин кызматкерлерин "Кыргызтест" системасынан толук өткөрүү жана сертификаты бар кызматкерлерден иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнү талап кылуу.

- КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. Жапаровдун 2022-жылдын 10-майындагы № 26-103 тескемесинин талаптарын аткаруу максатында министрликке караштуу мекемелердин Инфодокс системасына толук кошулуусун, системага катталган мекеме-уюмдардын аталыштарын, документтеринин (номенклатура боюнча) аталышын кыргыз тилинде так, туура берилишин камсыздоо.



- Иш кагаздарын тариздөөдө келип чыккан термин маселелерин бирдейлештирүү жана ирээтке келтирүү максатында КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору менен иш алып баруу.

Министрлик менен ага караштуу мекемелердин (республика боюнча) өз ара кат алышуусунун, борбордук аппаратынан чыгып жаткан иш кагаздарынын мамлекеттик тилдеги көрсөткүчүн жогорулатууну катуу көзөмөлгө алуу жана жагдайды жакшыртуунун механизмдерин иштеп чыгуу;

Аймактык түзүмдүк бөлүмдөрдө иш кагаздарынын мамлекеттик тилде сабаттуу жүргүзүлүшү боюнча атайын иш-чараларды уюштуруу.

# "Жылдын мыкты котормочусу – 2023" конкурсунун жеңүүчүлөрү аныкталды

*КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия, КР Улуттук жазуучулар союзунун колдоосу менен Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Синхрондук котормо бөлүмү жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Түркология жана котормо таануу бөлүмүнүн студенттеринин арасында «Жылдын мыкты котормочусу – 2023» кароо-сынагы жарыялаган. Кароо-сынактын максаты берилген көркөм чыгармаларды кыргыз, түрк, орус жана англис тилдерине которуу аркылуу котормо бөлүмүндө окуган студенттердин көркөм котормо багытында талант, шыкжөндөмүн ойготуу, сыноо. Көркөм котормо багытындагы мыкты котормочуларды аныктоо, таланттуу студенттерди келечекте ээ боло турган адистигине даярдоо. Ошондой эле маданияттар аралык карымкатышты бекемдөө, башталгыч, орто мектептин окуучуларына, жаштарга кыргыз жана башка тилдерде билим-тарбия берилүүсүнө, адам катары калыптануусуна мыкты студент-котормочулардын "Менин алгачкы котормом" сериясындагы тандалма котормолор аркылуу салым кошуу.*

2023-жылдын 22-майында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде котормо бөлүмүнүн студенттери арасында өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгын жарыялоо жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо иш-чарасы өткөрүлдү. Он жылдан ашык убакыттан бери өткөрүлүп келе жаткан бул конкурстун жеңүүчүлөрүнө дипломдор, ыраазычылык барактары жана түрдүү сыйлыктар тапшырылды. КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын маалымат катчысы Кутмырза Жакыбалиев куттуктоо сөзүн сүйлөп, Улуттук комиссиянын атынан Алкыш барактарын тапшырды. КТМУ Синхрондук котормо бөлүмү башчысы ф.и.к., доц. Салтанат Мамбаева куттуктоо сөзүн сүйлөдү.

Кароо-сынактын уюштуруучусу ф.и.к., доц. Калия Кулалиева колдоо көрсөткөн бардык уюмдарга жана конкурска катышкан студенттерге терең ыраазычылыгын билдирип, өткөрүлгөн иш-чаранын студенттер жана коомчулук үчүн маани-маңызын баса белгиледи.



**«ЖЫЛДЫН МЫКТЫ КОТОРМОЧУСУ – 2023» КОНКУРСУНУН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ:**

*Түрк тилинен кыргыз тилине котормо боюнча:*

1-орун Турсунай Жаныбек кызы (КТМУ, Синхр. кот. бөл. Түркчө-орусча прогр. 4-курс)

2-орун Мурат Калдыбеков (Ж.Баласагын ат. КУУнун Кыргыз филол.фак. Түркология жана котормо таануу бөл. 3-курс)

3-орун Айдана Канжарбек кызы (КТМУ, Синхр.кот. бөл. Кыргызча-түркчө прогр. 4-курс)

Кыргыз тилинен түрк тилине котормо боюнча:

1-орун Диана Асанбаева (КТМУ, Синхр.кот. бөл. Кырг.-түркчө прогр. 4-курс)

Түрк тилинен орус тилине котормо боюнча:

1-орун Айпери Турдалиева (КТМУ, Синхр.кот. бөл. Кырг.-түркчө прогр. 1-курс)

Кароо-сынакка катышкандыгы үчүн кызыктыруучу сыйлыктар:

Урия Тагаева (КТМУ, Синхр. котормо бөл. 3-курс)

Алтынай Саланова (КТМУ, Синхр. котормо бөл. 2-курс)

Алина Абдужапарова (КТМУ, Синхр. котормо бөл. 3-курс)

№05
(291)
31
05
2023
kyrgyztili@mail.ru

# Тил. Болум. Билим

ЖАМГЫРБЕК БӨКӨШОВ




*Библияда айтылган эмеспи: “Оболу тил болгон”. Биздин атактуу жузуучубуз Чыңгыз Айтматовдун “Тоо кулаганда” романында “Сөз-бул Кудай” деп жазылган. “Тил- болумдун турагы”. Болум тилден түнөк табат. XX кылымдын улуу философу Мартин Хайдеггер ушинтип айткан. Көптөгөн эмгектеринде болумду аныктап түшүнүү тил, сөздүн аркасында гана кадимкидей жүзөгө ашарын далилдөөгө аракет кылган. Философия тарыхын изилдөөдө, онтологиялык окуулардын (бар-жок, болот-болбойт тууралуу ой-түшүнүк тутуму) тек-жайын тактоодо сөз төркүнүнө (этимологияга) өзгөчө маани берген (Сөз кезеги келгенде айтпай койсок болбойт: кабырганы кайыштырган жагдай- кыргыз тилинин этимологиясы бечел бойдон калганында; кең-кесири изилденбей жатканында).*

Кыргыз “Өнөр алды- кызыл тил” дейт. Ар кандай өнөрдүн (иштин) башында тил турат.

Тил илиминде “лингвистикалык салыштырмалуулук теориясы”, “семиотикалык үч бурчтук” концепциясы, “тил онтологиясы”, “герменевтикалык айланпа” сыяктуу окуулар бар. Алардын баары онтологиялык маани-мазмунга ээ.

Биз онтологиялык маселелерди талкуулаганда такай тил кубулуштарына кайрылууга муктажбыз. Ансыз жашап жаткан дүйнөбүздү сыпатташ мүмкүн эмес. Дүйнө, ой, тил бири бири менен ажырагыс туташ. “Кыргыз онтологиясын” изилдесек, анда кыргыз тилинин онтологикасын реконструкция жасашыбыз зарыл. Албетте, бул- оңой-олтоң жумуш эмес. Биринчиден, тилчилер, жазуучулар, философдор, социологдор, тарыхчылар, педагогдор ж.б. илимпоздор биргелешип аткара турган иш. Экинчиден, узак убакыт, көшөргөн эмгек талап этилет. Үчүнчүдөн, тиешелүү деңгээлде уюштуруу жана жетерлик каржылоо зарыл. Балким, иштин ийгилиги үчүн дагы бир шарттар керектир. Эң башкысы- интернет, санарип доорунда, кыргыз тилинин тагдыры кандай болор экен деген суроо кабырганы өйүп турган кезде бул маселенин маанисин таамай-таасын түшүнүштө жана ошого жараша саясат күтүштө.

Бул жерде кеп тизгинин тартып, төмөнкү учкай ой толгоо менен гана чектелүүгө туура келет.

Махмуд Кашкарлыктын атактуу сөздүгү философторду бери болгондо мындай өңүттөрдө кызыктырат: биринчиден, сөздүктө түрк тилдерин алгач изилдеген лингвист-илимпоздун сөз табиятына, тил философиясына, сөздүктүн маани-маңызына байланышкан айрым ой-пикирлери туюнтулган. Аларды тиешелүү контекстте чечмелеп, кеңири алкакта аныктасак, аталган тармакта азыр да өз маанисин жоготпогон тыянактарга дуушар болобуз. Экинчиден, сөздүн маани-мазмуну- бул аны колдонгондордун турмуш-тиргилигин, ой-санаасын, сезим-туюмун, эрк-максатын, кылган-эткенин, тарых-тагдырын чагылдырат. Демек, сөздүктө тизилген сөздөрдүн маани-мазмунун дыкаат, тыкыр иликтесек, түрктөр ошол заманда ким эле, кантип жашоо-турмуш өтөгөн, башынан не окуяларды кечирген, өзүн жана курчаган дүйнөнү кандай түшүнгөн- ушул сыяктуу суроолорго түз же кыйыр жооп табышыбыз ыктымал. Анан, үчүнчүдөн, сөздүктө мисал иретинде көптөгөн макал-лакаптар, ырлар, насаат кептер учурайт. Алар кайсы бир кыязда түрктөрдүн философиялык ой-санаасын айгинелейт. Аларды орду менен, эби менен чечмелесек, түрк философиясына жол табышка көмөк болорунда шек жок. Албетте, «Дивани Лугат ат-Түрктүн» ( «Түрк тилдеринин сөздүгүнүн») философия ченеминдеги маанилүү өңүттөрү ушул санак менен чектелип калбасы түшүнүктүү.

Махмуд Кашкарлык сөздүгүнүн башында түрктөрдү даңазалап, аларды Кылымдын өкүмдары кылган, алардын колуна дүйнөнү башкаруунун эки тизгин, бир чылбырын берген, башка элдерден жогору койгон, акыйкатка жолдогон Жараткан Аллага ыраазычылык билдирет ( Махмуд ал-Кашгари. 2005. 53-бет). Арийне, бул сөздөр ошол доордогу жазма маданияттын айрым каадасалтынын күбөсү экени шексиз. Ошол эле учурда алар элдин тарыхтагы орду, бийликтин мүнөзү, акыйкаттын мааниси тууралуу ой толгоолорго түрткү болору да талашсыз. Автор өз сөздүгүн «Түбөлүк эстелик жана Көөнөргүс байлык» деп баалайт ( Махмуд ал-Кашгари. 2005. 54-бет). Муну да мактаныч эмес, улуу тилчинин дегеле сөздүк ишинин тарыхый жана маданий баа-баркын кандайча түшүнгөнүн айгинелеген туюнтма катары кабылдаганыбыз туура. Болгондо да мезгил улам өткөн сайын Махмуд Кашкарлыктын сөздүгүнүн мааниси дагы кеңейип, баасы дагы арта берерин болжосок, менимче, жаңылбайбыз.

Тил- адам баласынын адамдык маңызын аныктаган касиеттердин бири. Тил- адам коомунун айныгыс касиети. Махмуд Кашкарлык сөздүгүндө «баарынан артык- тил» деп, кайталап баса көрсөтөт. Жөнөкөйлөтүп айтканда: «жакшы нерселердин башында тил турат». Кыргыз «өнөр алды- кызыл тил» деп эсептейт. Эми мындай суроо коёлу: эмне үчүн Махмуд Кашкарлыкка чейин түрк тилдеринин сөздүгүн түзгөнгө киришкен киши болгон эмес? ( Болсо, эмне үчүн бизге жеткен жок?). Андан кийин (миң жылдай убакыт өтүптүр) бул иштин уландысы, арты эмне болду? Ошол доордун нары жак, бери жагында башка тилдердин сөздүгүн түзүш жаатында кандай тажрыйбалар болгон? Бул суроого татыктуу жооп издесек, тил илиминин жана лингвистикалык концепциялардын тарыхына кайрылсак, анда Махмуд Кашкарлык адамзат цивилизациясына кандай кызмат өтөгөнүн таамай-таасын көрмөкпүз.

Совет заманында В. В. Иванов менен Р. Гамкаралидзе «Индоевропейские языки и индоевропейцы» аталган эмгек жазышып, СССРдин эң жогорку мамлекеттик сыйы эсептелген Ленин сыйлыгын алышкан. Бул көлөмдүү китеп сөздүк түрүндө жазылып, анда салыштырма ык жолунда индоевропа тилдеринин материалынын негизинде индоевропа элдери «дүйнө сыпатын» (орусча «картина мира» дегенди адатта «дүйнө сүрөтү» же «дүйнө элеси» деп которуп келебиз. Менимче, аны «дүйнө сыпаты» деп алсак, термин мазмунун тагыраак туюнтат элек) кандай көрүшкөн- ушуну калыбына келтиришти, реконструкция жасашты көздөгөн. Тиешелүү нерсенин баарын камтыбаганы менен изилдөөчүлөрдүн ниети ийгиликтүү ишке ашкан. Эми келечекте түрк тилдеринин негизинде ушул өңдүү эмгек жаралат ( шарттуу түрдө «Түрк тилдери жана түрктөр» деп коёлу) деп кыялдансак, анда Махмуд Кашкарлыктын сөздүгүнүн баабаркы ого бетер ачык көрүнөт.

Сөздүктө «От тесе агыз күймэс» деген макал мисал келтирилет. Кыргыздар да «от десе ооз күйбөйт» ( же «күйбөс») дейт. Махмуд түрк тилдеринин арасында кыргыз тилине өзгөчө маани бергенин эске алсак, «Дивани Лугат ат-Түрктө» азыркы кыргыз тилине өтө жакын мисалдар көп экенин эске алсак, анда мындай кеп-сөздөр жалпы түрк рухуна гана эмес, кыргыз философиясына да тиешелүү экенин ырастаганга акыбыз бар. Төрт сөздөн куралган бул макалдын артында тилдин табиятына, тил менен иштин, ат менен заттын карым-катышына байланышкан чоң философиялык мазмун, онтологиялык жана антропологиялык терең маани турат. Сөз (тил) адам көргөн-билген нерсенин баарын атайт. Атүгүл кыйыр кейипте адам көрбөгөн, аңдабаган, сезбеген нерсе да тилде кайсы бир жагынан туюнтулат. Тил өзүнө ысыкпы-суукпу, чоңбу-кичинеби, алыспы-жакынбы, барбы-жокпу, айтор, баарын батырат. Ошондуктан XX кылымдын улуу философу Мартин Хайдеггер «Тил- болумдун турагы» деген айтылуу туюнтманы калтырып керсе, андан кем эмес атактуу философ Людвиг Витгенштейн «Менин тилимдин чеги- менин дүйнөмдүн чеги» деп ырастаган. Демек «от» десек оозубуз күйбөйт же «деңиз» десек ага тете суу оозубузга батпайт. Тил кандай нерсе болбосун аны атайт, ошону менен ага дүйнөдө орун берет, болумун айгинелейт. Бул- бир. Экинчиден, сөз менен иштин ортосунда айрыма, аралык бар. Сөз менен иш бир жерден чыкпай калышы кадам сайын кезигет. Убада аткарылбай калат. Сөз ишке ашпай калат. «Тили менен буудай кууругандар» болот. Гамлеттин (Шекспирдин каарманы) «Сөздөр. Сөздөр. Сөздөр» деп туталанганы ушундай жагдайдан улам айтылган. Сөз менен иштин ортосундагы карым-катыш көп кырлуу жана татаал экенин XX кылымда прагматика илими ачык көргөздү.

Дагы бир мисалга кайрылалы. «Арык-арык, өстөн. Макалда мындай деп келет: «агылда углак тугса арыкда оты өнэр»- короодо улак туулса, арыкта оту(чөбү) (улак үчүн) өнөөр. Бул макал ырыскы үчүн ашыкча кайгыруунун кажети жок, дүйнө чогултуп жыйноого азыраак көңүл бөлүүгө үндөйт" ( Кубатбек Кошмоковдун котормосунда. Кошмоков К. 2014. 18-бет). Кыргыз да "Улагы туулса, шыбагы кошо өсөт» деп эсептейт. Бул мисалдан улам эки жагдайга өзгөчө көңүл буруш ылайык деп табабыз. Биринчиси- Махмуд Кашкарлыктын текстин азыркы түрк тилдерине ( кыргыз, казак, татар ж.б.) туура, так которуш маселеси. Ар кайсы тилдерге которулганын салыштырып карасак, анда бул жаатта тактай турган, чектей турган маанилүү маселелер бар экенин моюнга алышка аргасыз болобуз. Экинчиси- Махмуд Кашкарлыктын текстин туура, так түшүнүш маселеси. Бул маселе да өзгөчө мааниге ээ. Мындайча айтканда, биз кептин оң маанисинде сөздүкчүнүн (лексикологдун) чечмелемесин «сынап» ( «сын тагып» эмес, сынактан өткөрүп) карашыбыз керек деп эсептейбиз. Мисалдаган макалдын маани-мазмунун алалы. Анда кайгы же дүйнөкорлук сыяктуу психологиялык, этикалык ал-абал тууралуу гана кеп болуп отурган жери жок. Биздин оюбузда түрктөрдүн ( анын арасында кыргыздардын) бул сөзүндө бизди курчаган дүйнөнүн түзүлүшүнө, жаралышына, маңызына тиешелүү белгилүү бир онтологиялык мыйзам (закон, жобо) туюнтулган. Ар нерсенин өз орду бар. Ар нерсе анын болушуна, жашашына зарыл болгон шарт- жагдай болсо гана башка нерселердин арасында өз ордун ээлеп, бу дүйнөдөгү ыраатты бекемдеп, ар кандай нерселердин ортосундагы байланыш, карым-катышты бышыктайт. Болумдун өзү- белгилүү бир тартип, түзүм. Дүйнөдө ашык баш же кокус жаралган нерсе жок. Эгер бул кептин теологиялык тегине назар салсак, анда Кудай баарын өз-өз орду-жөнү менен жараткан, дүйнөнүн ар тарабын шайма-шай кылган деп айтканыбыз орундуу болмок. Демек, «арык» деген сөздөн улам мисал келтирилген макалдын маани-мазмуну кеңейте чечмелешке арзыйт. Атүгүл «арык» деген сөздүн өзүнүн маанисин кеңейтип, тарамдап, жиктеп аныкташыбыз зарыл. Дагы бир жолу эскерте кетчү жагдай- биз Махмуд Кашкарлыктын эмгегине доомат артып отурган жерибиз жок. Мындай мамиле Константин Юдахиндин же Хусаин Карасаевдин сөздүктөрүнө да жарашат. Себеби, илим өсөт, тил өзгөрөт. Албетте, сөздүкчүнүн өз максат, милдети бар. Андан сөз маанисинен улам баары толук жана текши болуш керек деп талап кылуунун өзү да орунсуз болор. Ошондуктан, сөздүк сөздүкчүнүн (тилчинин) гана иши эмес экенин, аны талдаш башка адис-изилдөөчүлөрдүн да парзы экенин эске алышыбыз шарт.

Козголуп жаткан маселенин алкагында макалдан улам дагы бир жагдайды учкай белгилеп өтсөк, ашыкча болбос. Эгер философия тарабынан карасак, макал-ылакапка ар кыл мамиле бар экенине күбө болорубуз анык. Айталы, Гегель же Хайдеггер өңдүү атактуу ойчулдар макал-ылакапка ат үстүнөн карап, теңине албай, кадыр- баркын кемиткендей туюлат ( Бофре Ж. 2007. 23-бет). Макалды акыл-эстин философияга чейинки тепкичи, чийки, тайыз ой тыянагы кейпинде сыпаттаган учурлары бар. Ошол эле кезде Гегелдин макалды бийик баалаган, кадырлап-кастарлап мисал туткан мамилесин да көрөбүз. Ал эми Хайдеггер болсо Анаксимандрдын бир сүйлөмүнөн бүтүндөй философиянын тагдырын чечкен маани-мазмун табат, Ницшенин «Кудай өлдү» деген сөзүнөн бүтүндөй Европанын Жаңы доордогу тагдырын көрөт. Философия тарыхынан кабардар окурман Платондун макал-ылакапка ызат-сый менен мамиле кылып, бийик баалаганын билсе керек. Иммануил Кант болсо болуп-толуп турган чагында ( 1793- жылы, айтылуу үч «сын» китебин жазгандан кийин дегеним) «Бул теорияда туура болушу ыктымал, бирок, практикага жарабайт» деген ылакап тууралуу» аталган чакан эмгегин жазган ( Кант И. 1965. 59-106-

беттер). Дүйнөлүк философияда шедевр саналган чыгармалардын тизмесине кирбесе да, теория менен практиканын карым-катышына байланышкан маселеде бул трактат азыркыга чейин кыйгап өткүс, четтеп кеткис күчкө ээ. Булардын баарын санактап отурганым: макал-ылакаптын философиялык маани-мазмунуна татыктуу баа беришибиз зарыл.

«Дивани Луга тат-Түрк» түрк элдеринин кылымдап колдонуп келген салт билимдерин изилдеп-иликтөөнүн соолугус булагы экенин да эске алышыбыз парз. Кайсы эл болбосун тарыхый тажрыйбасын, башынан кечиргенин, көргөн-билгенин кийинки муунга жеткирип, ар кыл кейиптe туюнтуп, үйрөтүп, насааттап келген. Атадан балага, улуудан кичүүгө, устаттан шакиртке калган, мезгил сынагына чыдап, кылымдар элегинен өткөн мындай ой-түшүнүк, тыянак-жыйынтык, осуят-насаат илимде «салт билим» аталат ( Бөкөшов Ж. 2015). Маселен, Махмуд Кашкарлыктын сөздүгүнөн мындай мисал кездешет: «еркеч ети ем болор, ечкү ети йел болор» ( Кошмоков К. 2014. 26-бет). Бир аз тил буруп айтсак, кыргызча эле жарашып турат. Бул салт билимдин кашкайган үлгүсү. Тактап айтканда, элдик медицинанын тыянактарынын бири. Албетте, илим тилинде башкача айтылып, тиешелүү ыкта негиздели мүмкүн. Бирок, ата-бабабыз өз тажрыйбасынан сыгып чыгарган бул акыйкатты муундан муунга мурастап, билбегенге билдирип, оору-сыркоону эмдегенде колдонуп келишкен. Сөздүк ушул багытта да талдоого муктаж.

Жыйынтыктап айтканда, «Дивани Луга тат-Түрк» философиялык изилдөөлөрдүн да предмети болушу ылаазым. Андан онтология, эпистемология, антропология, социология, этика жаатынан кызык ой толгоолорго түрткү бай материалды таба алырыбыз анык.

Биз Махмуд Кашкарлыктын сөздүгүн мисал тутуп, кыргыз тилинин онтологикасын изилдөөнүн зарылдыгын, кыргыз сөзүнүн философиялык мааниси дың бойдон жатканын белгилегибиз келди. Тилчилерибизге акылдуусунып жаткандай көрүнбөсүн, "Кыргыз тилинин жаңы сөздүгүн" жазчу кез келди. Эмне үчүн ата-бабабыз "Элүү жылда эл жаңы. Жүз жылда жер жаңы" деп осуят калтырган? Дүйнө жаңыланып, ой өсүп, тил байып жатат. К. Юдахиндин сөздүгү жазылганы канча убакыт өттү? Сөздүктү жаңылабайлыкпы? Ал эми бул өз кезегинде кыргыз тилин азыркы илимдин жана рухтун тилине айландырып, айрым терминологиялык кыйынчылыктарды буйдалбай чечишке кызмат кылат эмеспи.

**Адабият:**

1. Бофре Ф. 2007. Беседы с Хайдеггером. Москва.
2. Бөкөшов Ж. 20015. Салт жана билим. Бишкек.
3. Кант И. 1965. О поговорке «Может быть, это и верно в теории, но не годится для практики» // Сочинения. Т. 4. Часть 2.
4. Кошмоков К. ( түзүүчү). 2014. М. Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөздүгү» аттуу улуу мурасындагы макал-лакап, ырлар, кошоктор. Бишкек.
5. Махмуд ал-Кашгари. 2005. Диван Лугат ат-Түрк. Алматы.

# Тил илими жана илимий тил

*(котормонун сыры боюнча экинчи макала)*

**КАРЫБЕК БАЙБОСУНОВ**

*Кыргыз илимий тилинин категориялык лексикону бир кылымдан бери негизинен гуманитардык гана илимий дисциплиналар жаатында азыноолак өнүктү. Техникалык, табигый илимдер жана информациялык технологиялар багытында алиге чейин тилибиз телчиге элек. Ал эми орус тили дүйнөлүк илимий-техникалык жетишкендиктерди лингвистикалык жактан өзүнө сиңирүү менен, адекваттуу илимий терминологияны иштеп чыгууга жетишкен.*

*Каалайбызбы, каалабайбызбы, дүйнөлүк илимий-техникалык жетишкендиктер жөнүндө маалыматтардын басымдуу көпчүлүгүн орус тили аркылуу алабыз жана билимибизди орус тили аркылуу толуктап келебиз. Ал эми англис тили азырынча бизге терең сиңе элек. Бул абалга абай салбай туруп эле "орус тилинин бизге кереги жок, илимий изилдөө иштери жалаң мамлекеттик тилде болсун" деген курулай чакырыктарды кездештирип жүрөбүз.*



Өткөн жылы бир аспирант мага кайрылып калды. "Техникалык илимдердин кандидаты деген илимий даражаны алуу үчүн диссертация коргоон деген элем. Кыргыз тилинде коргосо оңой болот экен, өзгөчө антиплагиат жаатында. Ии ошондуктан, диссертациямды кыргыз тилинде коргоюн дедим эле, которуп берсеңиз, чоң жардам берет элеңиз" дейт.

Мен "кана баатыр адегенде көрөйүнчү, эмне деген диссер жазып салдың экен" дедим да, жигиттин эмгегин окуп кирдим. Баштанаяк инженердик-техникалык терминология, автоматиканын жана электрониканын түшүнүктөрү экен. Мен ошондо кыргызчаласа болбой турган терминологиялык "тыгынды" даана көрдүм. Мага чейин да бирин-эки "котормочулар" иштеп көрүптүр. Ал котормолорду да карадым. Ал байкуштарга катуу боорум ооруду. Кыргыздын түшүнө кирбей турган техникалык-технологиялык терминдерди кыргызчалатышыптыр! Аны окуган кишинин мээси "чирий" турган. Мисалы, "коленчатый вал" дегенди "тизелүү деңгөлөк", "узлы сопряжения" дегенди "чогуу чыңалуу түйүндөрү", "коэффициент упругости масляной пленки" дегенди "майлуу үлбүрөктүн коэффициенти", "зазор в гидростатической опоры" дегенди "гидростатикалык тирөөчтөгү жылчык" жана башка техникалык аталыштарды тилден тилге которуу аракеттерин жасашкан экен. Баштан-аяк салыштырып окуган адам далай кыжаалат болчудай. Кыскасы, тилден тилге оодаруу процессинде орусча оригиналдагы техникалык аталыштардын мааниси таптакыр бурулуп кеткен да, илимий эмгектин мазмуну түшүнүксүз абалга тушуккан.

Эми карап багыңыз: "Разработка двухконтурной автоматической системы управления технологическими процессами при токарной обработке по двум параметрам: подачей инструмента и величиной зазора в гидростатических направляющих суппорта" деген теманы "Суппорттун гидростатикалык багыттоочунун жылчыгынын чоңдугу жана аспапты берүү эки параметри боюнча токардык иштетүүдөгү технологиялык процесстерди башкаруучу эки контурдуу автоматикалык системасын иштеп чыгуу" деп которушкан. Ким бул жерде эмнени түшүндү? Автордун оюу кайда, ал эми котормонун маңызы кайда калды?

Мен тигил диссертантка кеңеш бердим: "иним, орусча эле жактачы диссертацияңды! Кыргызча өзүңдү дагы, элди (диссертациялык Кеңештин мүчөлөрүн) да кыйнайсың. Артык кылам деп тыртык кыласың".

Мына ушундай каскак турат баарыбыздын алдыбызда.

Кыргыз филологиясынын башында турган биздин "классиктер" – арбагы асыл Касым Тыныстанов, Жапар Шүкүров, Болот Юнусалиев, Константин Юдахин, Кусейин Карасаев, Киреше Иманалиев, Бүбүйна Орузбаева, Бүбү Керимжанова сыяктуу орошон окумуштуулар өз убагында кыргыз адабий тилин илимий жолго салып үлгүрүп кетишкен. Алардын артында калган шакирттери менен катар кийинки чыгып келе жаткан жаш окумуштуулар да тил маданияты менен терминологиялык жаңылыктарды киргизүүгө өз салымдарын кошуп келе жатышат. Өзгөчө адабият менен искусство тармактарында тилибиз бир топ бутуна туруп калды.

Арийне, орус тилиндегидей өнүккөн техника-технология, так илимдер жаатындагы лексикология жана терминология боюнча коюлган проблемалардын чети оюла электей. Канткенде эгемен Кыргыз Республикасында адабий тил менен катар техникалык терминологиялык иштер колго алынат деген суроо алиге чейин кабыргасынан турат. Терминологиясы өнүкпөй туруп кантип адабий жана илимий тил өнүгөт? Деги эле кыргыз илимий тилинин дүйнөлүк башка тилдердегидей бай лексикону, терминдик казынасы качан ачылаар экен?

Бул үчүн эң биринчи иретте үч ажырагыс шарт аткарылыш керек.

Биринчиден, экономиканын өнүгүшү тилдин коомдогу пайдаланылышы (функциясы) менен шайкеш болбосо, тилди ар тараптуу өнүктүрө албайбыз. Мисалы, япон же кытай тилдерине экономиканын дүркүрөп өсүшү, граждандык жана согуштук техниканын жасалышы түздөн-түз таасирин тийгизген. Япон, кытай тилдеринде Европадан келген техникалык-технологиялык терминдер которулуп, терминологиялык бүтүндүккө ээ болгону – тарыхый чындык. Ошону үчүн алар алдыңкы техникалык каражаттарды, аскер куралдарын, космикалык техниканы жасап жатышат.

Экинчиден, техникалык жана технологиялык ачылыштар менен катар, техниканын тили кыргызча так түшүндүрүүгө жетишиш абзел. Ага карата өндүрүштү өнүктүрүү, өз колубуз менен техниканын түрлөрүн жасап баштаганда гана жетише алабыз. Мисалы, айрым публицист-окумуштуулардын "Ааламдын модели" деп дүйнөдөгү тарыхындагы ойлоп табуулардын сап алды деп эсептеген Боз үйдүн жасалгасынын акичүкүсүн алганда, ашып эле кетсе, 100гө жакын аталыш болушу мүмкүн. Ал эми техникалык түшүнүктөр менен аталыштардын саны он миңдеп кетет! Айырма барбы? Бар!

Үчүнчүдөн, эл аралык илимий-техникалык байланыштар өөрчүп, ар бир кыргыздын үй-бүлөсү заманбап техникалык ачылыштарга күбө болуу менен, ар бир жаран ойлоп табууга, өз колу менен техникалык жабдууларды жасоого жана аларды өндүрүшкө киргизүүгө катышууга мүмкүндүк ачылууда. Ар бир жаран өндүрүшчүл болмоюн, деги эле илимий-техникалык терминология өнүгүшү мүмкүн эмес. Экономика жалаң соода-сатык, "Дордойлор" жана "Азия-Моллдор" менен бийик деңгээлге көтөрө албайбыз.

Ушул шарттар аткарылышы үчүн экономиканы эл аралык кооперация аркылуу өнүктүрүү талабы аткарылышы шарт. Буга саясий эрк керек. Буга ойдун да тартиби керек: ойлорубуз жыйнактуу, ирээттүү болушу керек. Убадаларыбыз аткарылышы керек. Кечээ бир программаны жазып, эртең кайра башкасын жоруптап олтуруп, мамлекеттик идеологияны да кедерине кетирип жатабыз. Мамлекеттик идеологиянын негизин туура ойлонуу менен катар саясий жана экономикалык иштердин ыраатуу жүргүзүлүшү түзөт. Ал эми "Улуттук" деп аталган идеология – элдин нарк, салт-санаасын жана тарыхий тажрыйбасын колдонуу менен, коомдук менталитетти туура калыптандыруу эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда, тил маданияты баары бир айланып олтуруп экономикага жана илимий-техникалык прогресске такалат. Тил маданиятынын деңгээлине карата терминологиялык аппарат түзүлөт жана котормочулук өз жолу менен туура багытта өнүгөт.

Илимий тилдин өзүнүн стили, лексикалык каражаттары адабий жана оозеки тилден айырмаланат эмеспи. Ал жерде экспрессия каражаттары жок, көбүнчө логикалык фигуралар, салыштыруу, талдоо менен катар, академиялык усулдагы "суусу" жок, "кургак" талкуу болот. Далил каражаттары математикалык теңдеме сыяктуу кыска-нуска, ашык сөз жок "лаконичный" келгендиктен, окумуштуулуктун дагы бир өнөрү – тилдин каражаттарын "үнөмдүү" пайдаланууда турат. Атайын спецификалык феномендерди кыргыздын илимий тилинде кеңири колдонууга биздин улуттук тилибиздин терминологиялык каражаттары али жетишсиз. "Мамлекеттик" деп аталган улуттук тилибиздин өнүгүүсү – кайрадан эле баягы экономиканын башаты болгон техника менен технологияларга такалат.

Ал эми илимий-техникалык прогрессти өз жон терибиз менен сезип, өз колубуз менен жок дегенде дөңгөлөк жасоону үйрөнмөйүнчө, тилди ар тараптуу өнүктүрө албайбыз. Ал жагынан артта калганыбыз калган, урматтуу мекендештер.

№05 (291)

31 05 2023

kyrgyztili@mail.ru

# Бейкут

## (Бир сөздүн тарыхы)



**ЭСЕНБАЙ НУРУШЕВ**

*Жогорку Кеңеште эки жылдай иштеген комиссияда «эксперт» атанган «окумуштуулар, түркологдор, илимдин докторлору, кандидаттары жана академиктер» (комиссия төрагасы таркаткан маалыматтарда ушинтип айтылды) «бейкутту» сырткы түзүлүш түспөлүнө карап эле «мите» сөз кылып салышты. Ага кошо «бей» менен башталган жетимиштей сөздү да кусурлуу деп табышты.*

Бу сөздөрдүн «кесепет-кесирин» алар кантип аныктай койгонун билбейбиз, бирок биз билген башка бир айныксыз чындык бар: «бейкут» жана «бей» менен башталган ошол жетимиш сөз (иш жүзүндө андан көп) «Манастын» лексикасын түзөт. Эпосто алардын мүрөл үлгүлөрү жолугат. «Жол тостурган балбандар, жатасыңбы бейкабар», «бейпайга калган бул башты, ажыратар шеримсиң», «кошуундун бейкут жатканы, так кырк күнгө толуптур», «мен Каныкей бейтаалай, кардымда кетти арманым», «бейбереке болбо деп, берерди өзүм билейин», «көк жалыңдын Ак кула, бейдаарат киши минбеген»...

Кокус булардын «кара дубасы» болгондо миллион саптан ашык улуу дастанды эбак иритип-чиритип салмак. Бу сөздөр бизге качан, кай заманда киргенин эч ким так айта албайт. Бирок В.Радлов келгенге чейин эле кыргыздарда төл аталымдарга айланып калган экен. Бери эле дегенде анын сөздүгүндө бейтарап, бейбит, бейсабыр, беймаза, бейбак ж.б. айтымдар жайнап жүрөт (Опыт словаря тюркских наречий. СПб. 1888-1911. Т.IV. Часть I-II). Чыгаан түркolog алардын шайтан-шабыры бар экенин дегеле туйган эмес, тескерисинче, мындай иранизмдерге карабастан «кара кыргыздардын тили алтай тилине алда канча жуук турарын жана байыркы мүнөзү бар экенин» дароо эле жаздемдебей байкаган. ( Кара-киргизы. Из Сибири. Страницы дневника. М. 1989).

Түрк элдерине кирген иранизмдер менен арабизмдерди Лазарь Будагов да ошол эле Радловго жана башка изилдөөчүлөргө кеңири шилтеме жасап, чечмелеп көрсөткөн. Бирок алардын «жин-шайтаны» бар экенин белгилеген эмес (Сравнительный словарь турецко-татарских наречий со включением употребительнейших слов арабских и персидских, СПб., I т. 1869; II т. 1871).

Же мына казак туугандарга кайрылсак, «бейкүт» аларда деле бейпилдикти, мамырчылыкты билдирет. Бейкүт ысымдуу кишилер четтен чыгат. Мындан тышкары бу сөздөр шинжандык кыргыздар менен казактарда кеңири жайылган. Иши кылып, «бейкутту» жана «бей» менен башталган сөздөрдү бери эле дегенде 15 миллионго чукул казак-кыргыз колдонот.

Парламенттик комиссиядагы «түркологдордун» бири 60-жылдарга чейин кыргызда «бейкут», «бейпил» деген дегеле болгон эмес деп ырастады. Аларды бир ирет К.Юдахин кайсы бир колхозчудан угуп калып, сөздүгүнө киргизе салган экен, ошондон бери алардын бизге кээси тийип, оңбой калыптырбыз. Эгер бу сөздөр улуттук ураан ырдан алынса, анда илимде анык революция башталарына, өлкөнүн ташы дамамат өргө кулап каларына кепил түшкөн «түркolog» азырынча буга «манкуртизм жана баранизм» каскак болуп жатканына жаны кашайт. «Мурда марксизм-ленинизм классиктерине жана генсектердин сөздөрүнө шылтоолоп оозубузду басып келишсе, эми «Манас» менен оозубузду басканга аракет кылып жатышат»,- деп жер муштайт ал. «Бейкуттун» этимону кылып «түркolog» тажик-өзбектердеги «бехуш» жана «бехуд» сөздөрүн келтирет, экөө тең эстен тануу, эсучун жоготуу дегенди билдирет, ошо себептен элүү жылдан бери ушундай абалда келатабыз деп ырастайт (Караңыз: АКИpress. Мнение читателей.26.05. 2011).

Бу эки сөз иран тилинен тараган - bihushi, bihude формасында жолугат. Биринчиси - эсинен тануу, экинчиси - куру бекер, бөөдө дегенди туюнтат (Этимологический словарь иранских языков. М. Восточная литература, 2000-2011; Русско-персидский словарь. М.1986). Экөө тең бизге ушу мааниде кирген. Сагымбай аксакалдын «Манасында»: «Акылыңдан танарсың, бери болсо беш жылга, бехуш болуп каларсың»,-дегени бар (2010, 581). Айрым жерде «бөгүш» болуп да айтылат. Билерикке акылынан танганча ашык болуп калган бир калмак бийкеси тууралуу: «Бөгүш болуп Зарың кыз, өлүп кала таштады»,-делинет (210). Ал эми Жакып уулуна кыз издеп, тажиктерге барганда Атемир хан анын Манастын атасы экенин билип: «Мейманкана киргизгин, бейкарар адам экен деп, бейгуда сүйлөп салбасын»,-деп табыштайт жасоолуна (1111). Мунун «бейкуда», «бейгуда» варианттары да бар. Сагымбай жомокчунун «Манасы» болсо 1922-26-жылдарда жазылган. А кезде Юдахиндин аты-жыты угула элек кез болчу. Андан калса энциклопедиялык масштабдагы сөз корун билген улуу Сагымбай жомокчуга, анын «Манасына» аныңар бизге ким эле дегенчелик кылып текеберленгенге парламенттин комиссиясы тургай машаяктардын жыйыны да мандат бере албайт.

Комиссиядагы экинчи бир «эксперт» да өйдөкү ыспаттарды кайталады. Бир гана «жаңылыгы - «бейкутту» К.Юдахин оң мааниде которуп, ошо сыпатта ал түндүк кыргыздарда кабыл алынып кетиптир да, ал эми туура мааниси түштүк тарапта сакталып калыптыр. Көрсө, ал жакта «бейкут» деп зилзаланы, кыян-селди, эл ичинде ырк кеткен учурду, айтор, ылгый жаманчылыкты атайт экен. Буга кошо улгайган кишилер сыркоолоп, алдан тайганда же көңүлү айнып, кускусу келгенде «бейкут» болуп жатам деп айтышат экен. (Караңыз: «Жаңы ордо», 05.04. 2013).

Биринчиден, түштүк тарапта минтип болгону Баткен жана ага жуукташ айрым райондордо гана айтат. Аны кезинде биздин дагы бир улуу тилчибиз Жээнбай агай Мукамбаев 70-жылдардын башталышында чыккан сөздүгүндө «бейхут» (өңүнөн азуу) формасында белгилеген. (Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. Бишкек, 2009). Калган аймактарда ал катталган эмес, жадесе аны эки кылым илгери Кадамжай чөлкөмүндө жашап өткөн улуу жазгыч акын-бабабыз Молло Нияздын лексикасынан да таппайсың. А кишиде адабий тилге кирбеген бейтамиз, бейнава, бейбезат, бейрахбар, бейра, бейиллат өңдүү далай субдиалекттер жолугат. Орус оторчулугуна жаны кейип: «Бейпилдин журту абакка, жыйылганга күйөмүн», - деп айтканы бар. Ал эми «бейкут» сөзү биздин «эксперт» айткан мааниде бу кишиде ныпым учурабайт (Санат дигарасттар.1993).

Айтмакчы, «эксперттин» кебине ишенсек, «бейпил» сөзү «пилсиз» дегенди билдирет имиш. Демек, баарына ушу жаныбар күнөөлүү болгон окшобойбу: ал бар жерде тынчтык болбойт экен да, ал жок жерде гана калк коога-калбасыз, баракат жашай алат экен. Иш жүзүндө «бейпил» - биф'ал сөзүнөн жасалган, биринчиси иранча bi (-сыз), экинчиси –арапча -f'al (аракет, кыймыл) дегенди билдирет.

Ар кандай улуттук тилде субдиалекттер болору белгилүү, алар адабий тилге кирбей калат, анткени колдонуу чөйрөсү аймактык диалекттерден да тар келет, бир райондо, кыштакта, атүгүл эки-үч көчөдө, чакан маалада гана айтылат. «Бейкут» сөзү менен байланышкан мындай субдиалекттер казак тугандарда да кезигет. Аларда жалпы адабий тилде бейкүт – бейбит, тыныш (беспечный, беззаботный, спокойный,безмятежный) болуп айтылат. Төңірек бейкүт жатыр. Ал эми кай бир аймактарда анын эки мааниси катталган. Мисалы: БЕЙҚҮТ1/ БЕЙҚҮТ - хабарсыз, тосын. Бейқүт үйде отыра беретін (Қ.орда, Арал). БЕЙҚҮТ2 - мұз сақтайтын орын. Бейқұтты жерден қазып жасайды, цехтің есік жақ бөлігіне мұзды үйіп қояды (Гур., Тең.). Осыны бұрын балықшылар бейқүт, биқүт деп атақан. Бұл сөздің төркіні орыстың выход деген сөзінен шыққандығы аңғарылады. Орыс тілінде выход сөзі



шығатын есік мағынасында да қолданылады, осы выход сөзі бикүт болып аталып кетуі мүмкін. («қазақ тілінің біртомдық үлкен түсіндірме сөздігі», 2011).

Ушунун сыңарындай баткен чөлкөмүндөгү «бейхут» субдиалекти тажиктердеги «бехут» (иступления, быть вне себя) дегенден жасалган. Анын жалпы адабий тилдеги «бейкутка» эч кандай тиешеси жок. Бул үчүн биздин «эксперт» өңдөнүп аттуу-баштуу тилчилерди (мисалы, К.Конкобаевди) «улуттук тилди кемсинтип жатат» деп кинелештин кажети жок. Болгону мындай «билермандык» академик А. Зализняк азыркы орустардын мисалында задорновщина, фоменковщина, чудиновщина деп атаган көрүнүштүн кыргызча түрүнө гана кирет (О профессиональной и любительской лингвистике. Наука и жизнь, №1, №2, 2009).

Андай болсо адабий тилдеги «бейкут» кайдан жаралган?

Аны иранча бей (-сыз) менен арапча «кид» (бакыт) дегенден жасалганы тууралуу божомол бар, бирок бу түкшөмөл бинандыралык эмес. Неге дегенде «кид» эзелки семит тилинде алдоо дегенди билдирет, араптарда жок, бери эле дегенде бакыт, талай, саадат, ырыскы сыяктуу түшүнүктөрдүн баштапкы формаларында - этимондорунда «кид» таптакыр жолукпайт (В.Борисов. Русско-арабский словарь.М.,1993).

Кептин баары бу жерде флективдүү тилдерде сөз башына жалганып, анын маанисин өзгөрткөн мүчөлөрдө - префикстерде (латынча - praefixus — алдына жалганган). Мисалы, алар англис (un, dis, non, in, il, ir, im, re, mis, pre,over ж.б.), орус тилдеринде (без-, бес-, до-, за-, из-,по-, под- , пере-, пре-, при-, про-ж.б.) итапкан чыгат. Иран тилинде үчөө: bi, be, ba. Акыркы экөө кайсыдыр бир сөзгө жалганганда күчөтмө (бизче - менен, кошо, орусча - с, со) маани берет. Булардан бир гана ba биздеги «бакубат» сөзүндө сакталган, калган экөө бей-, бай-, бе- (байкуш –bi hosht, бечара – bi chara) түрүндө кирген. Ал эми «бейкуттун» курамында иранча bi (-сыз) префикси да, кыргызча «кут» сөзү да жок. Анын жасалыш таржымалы таптакыр башкача.

1966-жылы Алматыда илимдер академиясынын тил институту чыгарган «қазақ тілінің қысқаша этимологиялық сөздігі» деп аталган китепте (редакторлору: Ысқақов, Сыздықова, Сарыбаев) «бейкут» сөзү жок. Бирок кай бир казак тилчилери аны араптардын «кот» деген сөзүнөн чыгарышат экен. Бу түпкүлүгүндө туура, болгону ал араптардыкы эмес, фарсылардыкы – hod. Бу сөз «өзү» (орусча - сам, сама, само, сами) дегенди билдирет. Ага be префикси жалганганда – жалгыз, өз алдынча, өзү менен өзү (один, самостоятельно, сам собой) дегенди туюнтат (Караңыз: Этимологический словарь иранских языков. М. Восточная литература, 2000-2011; Русско-персидский словарь. М.1986). Ошо be hod кыргыз менен казакка адегенде «бекот» болуп угулуп, орусча выход –бийкот - бейкүт болуп кеткендей эле, үндөштүк мыйзамы аны бейкот – бейкут кылып өзгөртүп жиберген. Анын баштапкы бекүт формасы казактардын айрым аймактарында сакталып калган (Аймак сөздөрү. Мемлекеттік тілді дамыту институты. www.mtdi.kz).

Акырында илимде текшерилме деген принцип бар. Ошол усулга салып, «Манастагы» тексттердин маанисин териштирип көрөлү. Мисалы, Сагымбай аксакалдын вариантында: «Кабар салбай кандарга, Текести теңир урганда, бейкут жатып алдырып, киеден кылган аскерин, от күйгүзүп жандырып» (383),- делинет. Ошондо бу Текестин бактысыз жатып алганын, же кускусу келип, эси оон калганын билдиреби? Боомдогу салгылаш тууралуу: «Асты киши келбес деп, бейкут таштап салыптыр, абакеңиз эр Бакай жүз отуз миң кол менен жайнап чыга калыптыр»(450), - дегени бар. Муну калмактардын сыйкырчысын Бакай бабыз бактысыз кылып, эстен тандырып таштап салганы демекпизби? Дагы бир жерде калмактын аяры: «Бейкут жатат маңдайда, дуу-ду Култка каныбыз»,- деп айтат. Култканын «алтымыш төөгө жүктөгөн алтын, күмүш зары, алты миңдей малы» болот (484). Бу да ошондо калмак аяры ушунча байлыгы бар өз канын бактысыз, же эс-учунан танып, көңүлү айнып жатат деп айтканы болобу? Же болбосо Чоң казатка аттанып чыгып, жуп Бээжинге жапырык жасар маалда кыргыз кошуунун тойго бараткандан бетер ток пейил тартып, камырабай отурганына наараз болгон Алмамбет боз бээни сойдуруп салып, чатырында куш жаздыкта чалкалап жаткан Манаска келгенин алалы. «Алмамбет келди ушунда, арстан Манас баатырдын, бейкут жаткан тушунда» (1664),-деп айтылат бул эпизод. Ошондо муну Манас эс-учун билбей жатканда Алмамбет келген экен деп түшүнө албайбыз да. Ал эми Жусуп Мамайда Энесай доору мындайча сүрөттөлөт: «Керишип кулач жаа тартып, устунга илген жамбы атып,жыргалга батып сайраңдап, бейкут, бейпил тынч жатып, кемпири майга карабай, келини каймак жалабай, кыргыздын толгон кези экен, улагадан агып май» (2004, 6). Муну кантип кыргыздын бактысыз, эстен танып калган доору деп айтканга болсун?!

Жыйынтыктап айтканда, адабий тилдеги «бейкут» сөзүндө тангыч –сыз (bi) мүчөсү да, эзелки алтай тилинен бери келаткан «кут» түшүнүгү да жок. Ал be префикси менен hod сөзүнөн жасалган, баштапкы этимонунда өзүнчө, өз алдынча, өзү менен өзү дегенди билдирген, кийин семантикасы өзгөрүп,тынч, баракат, мамырчылык дегенди туюнтуп калган.

**МАКАЛА АЙРЫМ КЫСКАРТУУЛАР МЕНЕН БАСЫЛДЫ.**



*Дүйшөн Керимов*

# Ооруканадагы намазкана жана булбулдар

*(Эссе)*

*"Алдыбызда өмүр турат түгөнгүс,*
*Артыбызда өлбөй турган эл калсын!"*
*Алыкул.*

***Бул жылкы жаз Эскер үчүн оголе катаал болгонсуду... Ал эле эмес мүлдө Ала-Тоо жергесине катаал болду го. Айрыкча апрель айы апрелге окшобой туруп албадыбы. Береги күнөстүү жергебиздин демейдегидей жадыраган жазына шайкеш келбеген зыркаар узакка-аа жатып алды. Эскер ушул аралыктарда үч-төрт жолу ооруканага жатып чыкты. Мына азыр да ооруканада. Кайран империя СССР учурунда, "Кудай больница менен милициядан сактасын!" деген, азил накыл сөз бар эле. Айтылса туура айтылган экен да, береги палатадан же качып кете албайсың, же эркиндик болсо да кериле уктап жата албайсың. Ийненин учундай ачуу, бирок да баары бир жан дүйнөңдү жетелеген кызыл-кызыл кыялдарга жык үмүттүү күндөр өтүп атыр...***

Эскерге ушул учурларда жан-дүйнөсүн мемиреткен ыңгайлуу шарт өзү келгендей болду. Айтылуу Австриялык жазуучу Франц Кафка: "Адам өмүрү өзү туннелде тургандай, алдың туңгуюк, артың деле ошондой... Бирок, артта бир аз, бир аз кылаңгыр жарык көрүнгөнсүйт..." деп, жазган эмеспи атаңдыңгөрү дүнүйө... Көрсө, ошол булбул өчпөс жарык тээ жеткайтта калган кайран, сайран, майрам балалык окшобойбу...

Ошондой болду, көп кабаттуу оорукананын бак-шактуу кең короосунун бурчунда он чакты киши сыярлык намазканасы бар экен. Дин боюнча сөз баратып эле, жанында жаткан жигитке Эскер мырза да элчилеп, "Мен да намаз окуйм..." дегендей болду эле, тиги Ысык-Көл башынан келген, эки жолу инфаркт оорусуна кабылса да али кеселин ичине катып, сыртынан таптаган күлүктөй жаркылдаган жаш мырза, "Жүрүңүз ава, сонун болбодубу, шерик таппай аттым эле да, даарат алыңыз, намаз убактысы болуп калды!" дебеле ар күн сайын дегендетип алып жүрө турган адат калыптанып баратты. Ал өзү да айтаарын айтып алып, артка жол жок, шашма мырзанын жанында жетектеги тайдай шайдоот баратканына бир чети сүйүнөт.



Багымдатта, жаз баарынын чаңкай асманында таң кылайып, улуу тирүүлүктүн агарган жаңы жарыгы кайрадан түрүлүп келаткан учурда, буттарыңдын бармактарынын учтары гана жерге тик сайылып, андан соң эки тизең казыктай бекем орноп, эки алаканың таалуу, дал чекең менен жайнамазга тийе, "Аллаху Акбар!" дей баш көтөргүчө, дал бет маңдайдагы ачык терезеден булбулдар сайрай баштайт эй! "Канча булбул болду экен?" дей калат Эскердин үчкүл санаасы. Санаага айла жокпу... Дал ошол булбулдардай көрүнбөгөн санаасы дал ушул кыйгас учурда эс тутумга учуп, коно калат.

Карачы, мурда кийин деле далай намаз окугандай болду эле, эч эсине келбептир да, жарыктык саждага барганда эки бармак, эки тизе, эки алакан жана как чекең... Жети мүчөң жерге да. Демек, булбулдар да жетөө! "Жетөөнүн бири – Кыдыр" болсо ушул болоор...

Ооба, ооба буга чейин тээ эс тарткандан кемселинин этегине эрмеше ээрчий эрезеге жеткен намазкөй чоң атасын, ошол атакесинен калып кулакка сиңген, бирок, тийди качты аткарылып жүргөн Улуу Жаратканды ушул рухий жашоо эрежесине кайрадан кабылып отур Эскер. Булбулдар сайрап атат... Айрыкча мына ушул как чекең жайнамазга тийип көтөрүлгөнчө ушундай бир жагымдуу угулат кайран булбулдардын оркестри... "Оо Улуу Жараткан кечир, кулуңду..." деп, жиберет Эскер булбулдардын сайрап атканын угуп, а булбулдар сайрап атат, сайрап атат...

*Жедигер САЛАЙ*

# ЫРААЗЫЛЫК ЫРЫ (поэма – монолог)



## Пролог

*Жашоо-турмуш дегениң – күрөш экен,
Жаман-жакшы ар дайым тиреш экен.
Жаралгандан күрөштөн шайлары ооп,
Жандын көбү ыйлаактап жүрөт экен.*

*Бирөө дайым бийликке койсо күнөө,
Бирөөсүнө жөн эле жакпайт бирөө.
Бирөөсүнө досторy, үй-бүлөсү,
Да бирөөгө арзыбайт бүтүн дүйнө.*

*Оо пенделер, ортокмун ар арманга,
Дүйнө толо ар түркүн адамдарга.
Наарaзы бар Кудайга наалат айтып,
Наалыган бар дүйнөгө жаралганга.*

*Кай камыңды жасаба, иштеп төөдөй,
Кай жагыңды караба, бүтпөйт көйгөй.
Калктын камын көргөндү коё туруп,
Карап алчы үй-бүлөң түздөп жөндөй!*

*Наарaзы бүт, ыйлаактап, күйпөлөктөп,
Ким күнөөлүү, байкуштай жүрсөк өксөп?!
Ыраазы да болуп бир көрсөк кантет,
Наалый эле бербестен түйтөлөктөп!*

*Теңирдин бүт сынына чыдаш кыйын,
Текши жагыш баарына ырас, кыйын.
Наарaзылар, кечирем баарыңарды,
Ырын ырдайм бүгүн мен ыраазынын!*

## 1.Жаратканга, жашоого

*Оо Жараткан, өзүңө ыраазымын,
Буйругуңдан жарыкка кулач урдум.
Бул жашоого жаралып келет белем,
Буйруп өзүң: - жарал! – деп дуба кылдың.*

*Ээси сенсиң он сегиз миң ааламдын,
Эсепсиз жан ичинен мен – адаммын.
Сан планет ичинен Жер буйуруп,
Сан макулук ичинде мен жаралдым.*

*Кандай сонун, бул жашоо – жарыкчылык,
Кээ бирөөнү койсо да карып кылып!
Кечүү таппай суу жээктеп жүрсө бири
Ичер сууга бирөөсүн зарыктырып!*

*Кандай бакыт, күнүгө Күндү көрүү,
Кайра жатып, түш көрүп – Түндү көрүү!
Ким бирөөнү хан кылып эл башкартып,
Бечел кылып койсо да ким бирөөнү!*

*Көрсө сенин келгениң жарыктыкка,
Сыноо тура – хандык да, карыптык да.
Жараткандын байкабай кудуретин,
Кор дүйнөгө кул болуп алыппыз да!*

*Сыноо үчүн адамдын адамдыгын,
Сый да берип, көрсөтүп жамандыгын,
Кыйналса да ким калып Адам бойдон,
Пенделикке кимиси барарлыгын...*

*Баарын байкап, оо Кудай, кудуретиң,
Бериптир бул жашоону буйрук этип.
Кайра кайтмай бар дешет сурагына
Ичер суубуз түгөнгөн күнү жетип.*

*Ошентсе да сүйүнгүн келгениңе,
Сага жашоо Теңирим бергенине!
Ата-энеңди сүйүнтүп сен төрөлдүң,
А болбосо башканы берберди не?!*

*Кааласа Эгем башканы берип коймок,
Же башка бир жетимди телип коймок.
Сага буйрук жок болсо, анда башка
Бир "чөмүч баш" жашоого келип коймок.*

*Көңүлүнө толуп сен периштенин,
Бул жашоого күрөшүп, жеңип келдиң.
Бул жашоону да, бүт өмүр – күрөш экен,
Чын дүйнөң – ал жемиши жеңиштердин.*

*"Турмуш – эшек араба" деп коюшат,
"Туулдуң – калдың балаага" деп коюшат.
Туулуу, өлүү ортосу – өмүр экен,
Тирүү жанга ар дайым чек коюшат.*

*"Күндүк болсо өмүрүң, түштүгүнө
Жорго мин!" – дейт, жетпейсиң түпкүрүнө.
Жорго эмес эшек да минбей көбү,
Жашоодон бул өтүүдө үшкүрүнө.*

*Күчтүүлөрдү бул жашоо сыйлайт экен,
Күчсүздү да Кудайым кыйбайт экен.
"Күйгөн аял кошокчу болот" дешип,
Күйгөн жандар Кудай деп ыйлайт экен.*

*"Ак жеринен ким бирөө күйгөн болсо,
Алдап элди да бир шум жүргөн болсо,
Алла-Таала жазалайт андай жанды
А дүйнөдө, мында доор сүргөн болсо…" –*

*Дейт Куранда, дейт ыйык китептерде:
- Ак жеринен күйүп сен, түтөп жерде
Жүргөн болсоң, бейишке барасың, - дейт, -
А дүйнөдө Кудайың күтөт, пенде!*

*Демек сени күрөшкө салып койгон,
Демин салып, жан берип, багып койгон
Кудай-Таала – эң улуу күч экен го,
Каалаcа эгер жаныңды алып койгон.*

*Жаратқандан сен өзүң чабалсыңбы,
Же эң күчтүү, кыйын бир Адамсыңбы,
Жаралып сен калганың кандай бакыт,
Жарыкчылыктан артык табарсыңбы?!*

*Жашап күндө жарыкты, түндү көрүп,
Бул турмушта эл көргөн күндү көрүп,
Оо Жараткан, шүгүр деп, тобо кылам,
Сакта өзүң калгандан "бирди көрүп…"*

*Кандай бакыт, күнүгө Күндү көрүү!
Сакта Кудай, биз дагы тим жүрөлү!
Жоопкердик чоң – жашоодо из калсын деп,
Жараның бүт болобуз үй-бүлөлүү!*

*Кечирсе да күнөөңдү Кудай эчен,
Кирдей бербе, бул дүйнөң ылай экен!
Оо Жараткан өзүңө ыраазымын,
Жакшылыгың бере бер, улай эчен!*

## 2. Ата-Энеге

*Тамырынан алтымыш агып келген,
Өмүр берип, жашоого алып келген,
Ыраазымын Ата-эне, силер бизге
Ай, Күнсүңөр – түбөлүк жарык берген.*

*Ата-энелер – жердеги Кудай экен.
Кудай берген өмүрдү улай эчен
Балдарына өткөрүп көч улаган
Бабалар да эң ыйык жубай экен.*

*Колдо барда сыйлап ал ата-энени,
Чоочун көрбө жат Ата, жат Энени!
"Карысы бар үйдө кут болорун" бил,
Намысы бар айттырбайт маселени!*

*Ата-энең, ыйык саа өмүр берген,
Ата-энени тандабайт – Теңир берген.
Ата-энени сыйлаган балдарына
Алла-Таала ар качан кеңир берген.*

*Энедей жок саа эмгек өтөбөгөн,
Күнү-түнү уктабай бөпөлөгөн.
Эмчек сүтүн аябай чүрпөсүнө
Эне жоктур жүрөгүн төшөбөгөн.*

*Садагалап өз жанын садага чаап,
Сары алтындар – энелер балага сак.
Чеке толуп бырышка, чачы агарат,
Чеге берип бала деп жалаң азап.*

*Күлүп койсоң дүйнөсү түгөл болуп,
Күйөт сага дүйнөгө дүлөй болуп.
Жамандыгың биринчи тийет ага
Жаалданган от болуп, үйөр болуп.*

*Ооруп калсаң, берүүгө жаны даяр,
Ачка болсоң апакай наны даяр.
Абай салчы, ал сени аяйт дайым,
Аны аяр киши жок, аны аяр!*

*Баркын билгин, колдо бар алтының ал,
Бала кезден милдетин артынып ал!
Актасам деп ак сүтүн апакемдин
Алга карай талпынгын, талпынып ал!*

*Жок болсо да атаңды билгизбейт ал,
Жонуңа түк кир кийим кийгизбейт ал.
Чаң жугузбай атыңа, а өзүңө
Чымын тургай, чиркейди тийгизбейт ал.*

*Эч ким сүйбөйт сени энең сүйгөнүндөй,
Эч ким күйбөйт саа энең күйгөнүндөй.
Көзү барда сыйлап кал апакеңди,
Көзү өткөн соң болгунуң күйбөгүдөй!*

*Мээримисиз эненин алсыз дешет,
Мээрим жетпей калган жан – жансыз дешет.
"Энеси бар жетим – бул эрке жетим,
Атасы бар жетимдер – арсыз", - дешет.*

*Эмне жетсин экөө тең бар болгонго,
Ажалдан мен коргоого ал болгондо,
Ардактап да, аздектеп жүрбөйт белем,
Эркелеп мен өзүм да чал болгондо.*

*Жетим өстүк, энелүү – эрке жетим,
Баарыбыз жаш, он бешке жете элек мен.
Жетим өстүк, жетимбиз деген менен
Жетик өстүк энебиз жетелеп тең.*

*Баарыбызды бөлөлөп, какпаган бир,
Бир нерсени бет алса кайтпаган бир,
Касиеттүү жан эле менин апам,
Какмак турсун катуу сөз айтпаган бир.*

*Урмат кылчу бүт айыл сыйлап аны,
Уул-кызынан чыккан жок кыйнаганы.
Жайланышкан кезде биз, алтын апам
Жашай түшсө жарашмак кыйла дагы.*

*Айылга мен апама шашып жетсем,
Апам оору, өңүнөн азып кеткен.
Арнаган ыр – поэмам окуп алып:
- Ак сүтүмдү кечтим, - деп жашып кеткен.*

*Жашып кеткен: - кечтим, - деп, - ак сүтүмдү,
Балдарым деп арнадым бар күчүмдү.
Бирок менден биринчи атаңарды
Сыйласаңар беремин алкышымды!*

*"Баланчанын баласы" болуп дайым,
Эл алдында жакшы атка конуп дайым.
Эстүү баарың болсоңор – ошол болор –
Бейиште мен атаңа жолукканым!"*

*Апа, эстен кетпейт түк бул айтканың,
Атамды айтып кайрале муңайтканың.
Эстеткиле элге бүт атаңарды,
Эне сүтүм кечтим, - деп кубантканың.*

*Атам менен сестентчү апам бизди,
"Атаңар..." – деп эскертчү апам бизди.
Үйдө жокто "атаңар келатат..." – деп,
Келбей жатып тизчүле атам бизди.*

*Үйдө тартип, атакем качан келсе,
Атамдын эң оор сөзү: "шайтан десе!.."
Аткарууга не десе даяр элек,
Апам кокус: - Атаңа айтам... – десе.*

*Атам үйдө – эң бир чоң авторитет,
Апамды ал башкарат каш кагып тек.
Апам тургай айбыгат айылдаштар,
Ага тике карабай башбагып тек.*

*Атам кетет көбүнчө эл аралап,
Анда үйдө баарыбыз дем ала алат.
Апама биз тил албай оюн салып,
Аткарылбай жумуштар чала калат.*

*- Атаң мына келатат… – деген кезде,
Ачып-көздү жумганча келип эске.
Аскерлерче: "даярдык № 1!" деп,
Ала калган бир иш жок бүтчү кечке.*

*Атакемдин болсун деп жарпы жазык,
Короо жайды шыпырып, жаркыратып,
Отун жарып, суу ташып, үй жылытып,
Огородго суу жыгып, шаркыратып.*

***(Уландысы бар)***

Кожогелди Култегин

# Таажывирус заманында мекенди сагынуу



Сыртта деле журт менен бир экенбиз,
сыздап ийсек кыргыз деп – пир экенбиз!
Уялганда Кыргызстан – эки эринден
учун сыртка чыгарган тили экенбиз...

Бел кыламын дем-күчүн, эш кыламын,
безеленет беш көзүм, беш кулагым –
өлжүрөгөн бирөөсү чүчкүрсө да
өлкөм жакты караба деп турамын!

Кыргызстан деп утур тыбырчылап,
кысылганда ансайын дилим – чырак.
Тартып жаткан азабы – алыстан да
так көрүнөт тырмактын кири сымак.

Таажывирус! Ак чачам бакшы сымал:
та-арт өлкөмдөн, кайткыың, кайтчы, "жылан"?!
Колун элдин жууп жатам бата менен
кол жууп калбас үчүн бүт бактысынан!

Беттен кабын дарыгер алса экен дейм,
пешенеси таң болуп жанса экен дейм!
Куйругу иттин шайдоот-шат булгаланса –
кубанычы кыргызга барса экен дейм!

Таажывирус! Таң калам тизмегиңе,
тап жообун де, изде де, издегиле –
канча завод, ишкана токтогондо
кайрымдуулук заводу иштеди не?

Асман-айды кезчү эле ойдолон бир,
адам мындай болору ойдо жоктур –
бир кемеге жер жүзү шыкалгансып
бир самынга адамзат корголон тур...

Бир кемеге жер жүзү шыкалгансып
кир самынга адамзат корголон тур...

Апрель. 2020-жыл.

## Кырда жоолук желбиреп

Кадам сайын өөрчүмөй!
Катар чалкып-көлкүмөй –
келе жаттык кырга биз
келечекти көрчүдөй!

Чындык сымал желпинип,
чыктык кырга энтигип –
мүрөк-аба сунуп шарт
мүнөттөр тур эрсинип.

Ачып аалам алкагын,
албан ойду калчадым.
Бийиктеген өңдөндү
бир кыйлага калпагым!

Тумамдан гүл терди деп,
туу-чокуда берди деп –
кырда сенин жоолугуң
кыялдай тур желбиреп!

Энчи-асманды карачы-аа,
эриктирбес арача –
жайган эки чапандай
жаттык сулап жанаша.

Тең жүгүрсөк – эш кылып,
тең кыйкырсак – текши угуп,
шамал – көлдүн толкундай
шарп-шарп этет бетке уруп!

Жакшылыктын кут аппак,
жакын келип узак жак...
Кызды, кызгылт Күн экөөн
кырда турдум кучактап!

## Дөөтү пайгамбардын үйүндө

Пенделерге ар күнү белен сыноо,
бергени да, алганы терең сыр-оо!
Ачууланты Дөөтүнү – Пайгамбарды
"Адилетпи Аллабыз?.." – деген суроо.

Аял сезбейт аша чаап баратканын:
"Айоосуз бир ташбоорбу Жаратканым?"
Жүйө сурап, Пайгамбар айттырууда
жүрөгүн не мынчалык канатканын:

"- Багы тайкы аялмын жесир калган,
бажырайган үч кыз бар эсил жандан.
Өмөчөктөп жүн тытып, жип ийрийбиз,
өксүк болуп калбаска кесим нандан...

Көтөрүнүп базарга бара жатсак,
көөнө жолдо көк ызгаар, кара баткак...
Көктөн шау-у жапырып дөө куш келип,
көрөр күндү – жиптерди ала качты-ах-х...

Кайсыл ырыс, кай наарга назар атты?!
Кайсыл кылган күнөөгө жазалатты?
Адам уулу ишенбей турган иштти
Алла-Таала эмей, ким жасамакчы?

Байкуш болуп... ач калып... каар тооруду...
баш көтөрбөй, кыздарым баары ооруду..." –
Пайгамбардын артында Жаратканым
пайлап турган сыңары жалооруду.

Бечаранын көңүлүн жубатмакка,
берейин деп кырк динар чубап жатса –
карбаластап он киши кирип келди
карк кылышып Алланы ырахматка.

"-Амансызбы, Алланын Пайгамбары?!
Алдыңызда деңиздин палбандары!
Аман калып алаамат добулдарда –
Аллабыздын күчүнө айран баары!

Желмогуздай толкундар жалтандырып...
жел тоскучу кеменин ча-арт айрылып –
өзөн-казан түпкүрө айдап кетти
өлүү-тирүү каларды арсар кылып...

Калдайган куш кайдандыр пайда болуп,
калдак-кулдак жиптерди жанга коюп...
Желтоскучту жабылып жамадык да,
жээкке чыгып келдик биз кайра толук!

Канча мерте көрдүү экен адал-акты?
Кайсы соопту иштерге назар атты?
Адам уулу ишенбей турган иштти
Алла-Таала эмей, ким жасамакчы!

Жүрөктөргө толуп тур жарык, кеңдик,
жүз динардан садага салып келдик!
Соодагербиз. Зар жанга бересиз го –
Алкыш айтсын Аллага – алып... сергип..."

Кырдаал ушул сүйлөттү Пайгамбарды:
"-Кылынган бул иштерге айлам барбы?
Миң динарды сага, аял, берди Кудай,
мына кыркты менден ал – пайдам жарды...

Аллага шек кылгандын назары ачпы?
Ага болбой үйрөтөт адал-акты!
Адам уулу ишенбес бул ишти да
ал жасабай, анан ким жасамакчы..."

## Анда сен...

Жөн баспайт элең – секирип-учуп,
жөөлөшө калып, экини нукуп.
Эстээрде дайым кыйшайтын башты,
эрдиңи чукуп – эсиңи чукуп...

Чымылдап келип алганда колдон –
чыга бир калчу айдалма жоргом.
Аша чаап барып, басчу элең тетир,
артыңды – мени кайтарган бойдон.

Өзүңө, анан кезиңе чактап,
өлчөйсүң кийим эзиле мактап.
Текилдеп түшүп тепкичтен ылдый,
тепкичтен өйдө – экиден аттап!

Калдаят асман өкүмдөй түпсүз,
каткырсак – аны көчүргөн күчтүз!
Капшыра тоону сузгөндөн бетер
калп айтар элең көзүмө тиктүз.

Кулагын суроон далдайтып жойлоп –
кудум ай сымал жай калкыйт орноп.
Сунулуп турган боосунан апчый,
сумкеңди а сен айлантып-ойноп!

Колуңду ээрчий серпилип денең,
койкоктоп ырдап – келтирип кемел!
Мезгилдей улам багынта бердиң
мен жакшы көргөн кемчилик менен!

Момунмун а мен – оозумду "м-м-м-м!" жаап,
моокумдан кана өзүңдү сыйлап.
Моймойгон жолдон мант берем кээде
мотураң эте көзүмдү ымдап!

## Шопен

Кайрыктарын карачы –
касиет-сыр санаты!
Сүйкүмдөнө жүгүргөн
шүүдүрүмдөр парады!

Тообо менен жолук, бар,
толбой жүрсөң – толуп шар.
Сүйүнүчтүн сүтүнө
сүңгүп чыккан добуштар!

Секет сезим – ак маңдай
сени беттен качкандай.
Гүлгө конуп күмүш таң,
күлүмсүрөп аткандай!

Мөлтүрдү да тазартар!
Мөлмөлдү да жашартар!
Ырыскысы гүлазык,
ырахматтын базар, шаар!

Тоо-талаадай кайкалап,
ноталары ай тамак.
Шоруңдан да арылтар –
Шопенди уксаң кайталап!

Шоруңдан да арылтат –
Шопенди уккун кайталап?!

## Кечке таап сууга сен барганыңда

Кечке таап сууга сен барганың айт!
Керемети жашоонун жанганын айт!
Атайылап – өзүңдү тиктесин деп,
атам үйдү кашатка салганын айт.

Алайкунун тоготпой кара суугун,
алоолонуп алганга жарачумун.
Отун жарып атып да, отун жарып,
ортосунда шилтемдин – карачумун!

Адамды да, малды да илелеген,
ары жогол тоспой деп кинелегем.
Даана, таза көргөнгө дал өзүңдү
там үстүндө чөп кыркып кирер элем.

Өйдөлүшкө жеткенде – демим сапан,
өзүңө же баралбай... эрин жалап...
катып тиктеп турчумун – каңтарылган
Карагердин жалына ээгим таап.

Түздөгү да, сайдагы, өрдөгүсүн
түгөл сактап көздөрүм – өргөө бүтүн!
Купайкемди толтура кудуңдайм-ов
курган жаным өзүңдү көргөн үчүн!



kyrgyztili@mail.ru

# Адабият илиминин проблемалары

АСКАР МЕДЕТОВ

*Аннотация: Макалада адабият таануунун методологиялык маселелери, адабият тарыхын изилдөөнүн проблемалары жана принциптери теориялык планда каралат. Автор баарынан мурда көркөм мурастын азыркы учурга үндөшкөн жактарына, кыргыз жазуучуларынын идеялык-көркөмдүк изденүүлөрүнө көңүл бурат. Акыркы мезгилде азыркы адабияттын баяндоочу жанрлардагы, формалардагы жаңычылдыкты жана алардын өз ара аракеттенүүсүн, алардын өнүгүүсүнүн негизги тенденцияларын аныктоо, изилдөө багытында сында бир топ иштер жасалды. Тилекке каршы, азыркы адабияттын жетишкендиктерин, же көркөм кемчиликтерин баалоодо айрым сынчылар туундулар жаралган мезгилге ылайыктап, тарыхы-адабий контекстен тыш, тигил же бул жанрдын тарыхый өнүгүүсүндө пайда болгон тарыхый ориентирлерди эске албай түз сызыктуу карап коюша турганы макалада каралган..*

Аннотация: В статье расматриваются методологические вопросы литературоведения и проблемы исследования истории литературы в теоретическом аспекте. Автор прежде всего обращает



внимание на те стороны их художественного наследия, которые наиболее созвучны нашему времени, идейно-художественным исканиям кыргызских писателей. В последнее время в критике немало сделано для осмысления жанрового и идейно-художественного новаторства повествовательных форм современной литературы, раскрытия основных тенденций их взаимодействия и развития. Но, к сожалению, оценивая достижения или художественные просчеты текущей литературы, некоторые критики рассматривают её лишь в прямолинейной соотнесенности с особенностями эпохи, времени ее создания, вне широкого историко-литературного контекста, вне исторических ориентиров, обозначенных на долгом пути развития того или иного жанра.

Түйүндүү сөздөр: илим, адабият тарыхы, коом, система, ой жүгүртүү, лауреат, наам, классика, догматизм, типология, изилдөө, стандарт, көркөм дүйнө, адабий тек, жанр, көркөм нарк, азыркы учур, лирика, эпос, консервативизм, критерий.

Ключевые слова: наука, история литературы, общество, система, мышление, лауреат, звание, классика, догматизм, типология, исследование, стандарт, мир искусства, литературный фон, жанр, художественная ценность, настоящее время, лирика, эпос, консерватизм, критерий.

Сексенинчи жылдардын экинчи жарымында адабиятка келген муундун өкүлдөрү чыгармачылыктын шарапаты менен жакшы эле урмат-сыйга ээ болушуп, эл акыны, эмгек сиңирген ишмер наамдарын алышты, сыйлыктардын лауреаттары болушту , орден, медалдарды тагынышты, иши кылып, чыгармачылыкта кылган иш-аракеттеринин акыбети кайтып, өкмөт тарабынан аздыр-көптүр бааланды. О.Ибраимовдун "История киргизской литературы XX века"(1) деген эмгегинде Ф.Абдалова, А.Акбаров А.Акималиев, К.Култегин, К.Урманбетов сыяктуу бул муундун айрым өкүлдөрү тууралуу да учкай сөз болду. Ошентип, алды адабият тарыхына да кирди. Келечекте алардын чыгармачылыгы тууралуу портреттер, монографиялар жазылып, ар кимиси жөнүндө өз-өзүнчө сөз болоор... Коммунистик системанын титулдарга, наам, сыйлыктарга байланган, мурдатан калыптанып калган ушул стандарт критерийлерге таянган эмпирикалык деңгээлдеги теңдемечиликтин негизинде наамы бар акын-жазуучулардын баары "залкар" (А.Садыков "Кыргыз залкарлары" 2013)(2) да болду. Адабият илиминдеги профессионалдык дилетантизмдин ушул сыяктуу примитивдүү чен-өлчөмдөрү менен баалаганда сөзгө алынбай турган акындар да бар, себеби, алардын наам, сыйлык, орден , медалдары жок, айрымдарынын китеби да чыккан эмес. Кыргыз адабият илимине жабышкан "илдет" – жасалма теория калыптанып калган: китеби чыкпаган авторлорду иликтөөгө албайт, адабият тарыхына киргизбейт. Өмүрүн наам, сыйлык алууга арнаган жасалма "классиктердин" эч кандай коомдук-тарыхый, адабий мааниге ээ болбогон чыгармалары макулатура болсо да "мынча китеби бар" деп алардын чыгармачылык портреттери жазылат, мисалы, 1990-жылы жарык көргөн "Кыргыз совет адабиятынын тарыхына"(2-том) (3) "эл акыны" деген наамы бар ортозаар акындар А.Токтомушев, Н.Байтемиров, М. Жангазиев, М.Абылкасымова, Т.Адышевалардын портреттери кирген, ошол эле учурда заманбап кыргыз поэзиясынын феноменин жараткан таланттуу акындар О.Султанов,

Ж.Мамытов, Т. Кожомбердиев, С.Тургунбаев, С.Жигитов, Т.Муканов, С.Акматбековаларга орун берилген эмес. Андан кийин чыккан К.Артыкбаевдин "XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхында"(2004) да ушул эле консервативдик көрүнүш кайталанган. Партиялык адабияттын заманы өткөндөн кийин орус адабиятынын тарыхы кайра каралып, мамлекеттик наам, сыйлыгы жок М.Цветаева, А.Ахматова, Н.Заболоцкий, Б.Пастернак сыяктуу нагыз акындарга өзгөчө орун берилип, алардын феномени ичкериден терең ачылып көрсөтүлгөн. Негизинен наам, даражаларга карап, теңдемечилик принциби менен түзүлүп, адабияттын өнүгүүсүндөгү карама-каршылыктуу жагдайларды жашырып, бурмалап келген кыргыз адабиятынын тарыхы нагыз эстетикалык критерийлер менен калыбына келтирилип, Союз кезиндеги Жазуучулар уюмунун дежурный тизмесинин аркасы менен жасалма атакты жамынып келген, ортозаар акын-жазуучулар иргелип, көптүн арасына обзордук бөлүмгө киргизилип, өзүнүн көркөм дүйнөсү, поэтикалык ачылгалары бар акын-жазуучулардын көркөм дөөлөттөрү терең изилденип, поэзиядагы жаңы көрүнүштөр, адабий турмуш оң, терс жактары, ийгилик, кемчиликтери менен обьективдүү иликтенип, илимий талдоого алынып, теориялык жактан жалпыланып, портреттик бөлүмдөр түп-тамырынан бери кайра жазылып, ушундай кайра баалоо процесси адилет жүргүзүлүш керек болчу. Бул биздин адабиятчылардын мойнунда дагы эле карыз бойдон турат. Ооба, илимдин негизги максаты – нукура эстетикалык баалоо критерийлери менен адабият тарыхын кайра электен өткөрүп, кайра баалап, догматизмден, саясий–идеологиялык штамптардан арылуу, ошол мурда каралбаган, сөз болбогон, көркөм наркка эгедер, жарыяланбаган материалдарды таап, илимдин "тегирменине" салып, иликтеп, баа берип, коомчулукка алып чыгып, адабият тарыхына кошуп, аны толуктоо керек экенин түшүнбөгөн, белгисиз авторлордун чыгармачылыгын илимий изилдөөнүн предмети кылып алгандан жаа бою качып, субьективдүү мамиле жасап, "наамы жок, китеби жок" деп азармандан - безерман болуп, демагогиялык принциптерди карманып, илимге кыянатчылык кылып жатканын аңдабаган тарых илиминен, адабият теориясынан кабары жок, дилетант, айдама адабиятчылар четтен чыгат. Ушундай кокуй кандидат, докторлорго күйгөнүнөн В.Кожинов "Литературоед не должен пренебрегать никаким материалам в том числе даже и неопубликованным, рукописным. (В.Кожинов "Зачем изучать литературное произведение?" // "Контекст–1973", М., 1974, стр.179)(4) деп адабиятчыларды көзгө сайып, ачык көрсөтмө берген.

Наам, сыйлык, орден, медалдар акыркы отуз жылда коррупциялашкан бийлик тарабынан негизинен ортозаар акын-жазуучуларга берилип келгенин эске алсак, эгер жалаң ошол эски стандарт баа берүү критерийлери, эски стереотиптүү ой жүгүртүү менен адабият тарыхы жазыла турган болсо, жаңы доордогу кыргыз адабиятынын соңку тарыхы – көркөмдүк баалуулугу жок ортозаар адабияттын халтура тарыхы болуп калары бышык. Ал эми нукура эстетикалык ачылгаларды жасаган таланттуу авторлор поэзиядагы жалган менен чынды ажырата албаган, адабияттагы жаңылыкты көрө билбеген илимдеги түркөйлүктүн, көшөкөр сындын кесепетинен көптүн арасында көмүскөдө калып келатат. Азыркы адабият таануу жана сын коммунистик адабият илиминин ушундай стандарт критерийлеринен, догматизмден, адабияттын азыркы учурдагы өнүгүү мыйзамченемдерин, көркөм процесстеги жаңы кубулуштарды, карама-каршылыктарды, адабий тектердин, жанрлардын дыңы бузулбай жаткан жаңы мезгилдеги көйгөйлөрүн изилдей турган тарых: илимий-теория-

№05 (291)
31 05 2023
kyrgyztili@mail.ru

лык жоболордун, методологиялык жана методикалык принциптердин, эстетикалык критерийлердин негизинде жазылышы – мезгил талабы. Нагыз илимий талаптарга жооп берген, жогорку деңгээлдеги заманбап адабият тарыхы ушундай болушу зарыл. Анткени, акыркы жыйырма жылда адабият багытында жарык көргөн изилдөө сыпатындагы монографиялар, окуу китептери, окуу куралдары негизинен эмпирикалык сыпаттама деңгээлден өйдө көтөрүлө албай, саны бар сапаты жок, илим сымак эмгектер жаандан кийинки козу карындай көбөйүп кеткенин эске алсак, бул – илимди түшүнгөн адамга кыргыз адабият таануусунун тагдыры үчүн өтө коопту абал түзүлгөнүнөн кабар берип турат. Илимдин кутун кетирип, кунун качырган ушундай жагдай тууралуу Д.С.Лихачев “Наукообразность способна вытеснить науку или резко снизить академический уровень науки.”(Д.С.Лихачев“Об общественной ответственности литературоведения”\\ “Контекст 1973”, М., 1974, стр.10) (5) деп колунда “илим кандидаты”, “илим доктору” деген дипломдору бар дилетант окумуштуулардын көбөйүп, изилдөөлөрдүн эмпирикалык деңгээлге түшүп кеткенине тынчсызданып, илимдин келечек тагдырын ойлогон нагыз академик катары күйүпбышып айткан экен.

Кыргыз адабият илиминдеги ушундай консервативизмдин, стандарт баа берүү критерийлеринин, азыркы учурдагы көркөм процесске, адабият тарыхына болгон кайдигер мамиленин кесепетинен акын Жолдошбек Зарлыкбековдун поэзиясын изилдөө иштери жүргүзүлбөй, ал тургай ырымга сөзгө алынбай келатат. Акын Жолдошбек Зарлыкбеков көзү тирүүсүндө китеп чыгара албай кетти. Анда архиви да болсо керек… Бирок анын ырларынын көбү күндөлүк басма сөз бетинде жарык көргөн. Артында калган ушул ырлары акындын чыгармачылыгы тууралуу сөз кылууга толук негиз берет. Кезинде “Кыргызстан маданияты” гезити “Жаштар поэзиясы”, “Жаш талапкерлердин чыгармалары” деген рубрикалардын алдында жаш калемгерлердин ырларына кеңири орун берүүчү. Сөздүн кунун билген аксакал жазуучубуз Кеңеш Жусупов башкы редактор болуп турганда “Ала-Тоо” журналынын 1990-жылы №9 (6)санына, андан кийин 2019-жылы №4 санына Ж.Зарлыкбековдун ырлар топтому жарыяланган. Сексенинчи жылдары Кожогелди Култегин, Чыныбай Турсунбеков, Жедигер Саалаев, Кыялбек Урманбетов, Атантай Акбаровдордун сыясы кургай элек ырларын гезиттерден тез-тез токуп турчубуз. Көп өтпөй алар китеп артынан китеп чыгарышып, адабиятка чапчаң аралашып, дүңгүрөтүп поэзия кечелерин өткөрүшүп, атактуу акындардан болуп чыга келишти. Жолдошбек Зарлыкбековдун чыгармачылык жолу жогорудагы калемдештеринен кескин айрымаланат; анын адабиятка көз карашы, акындык табияты да башкача болуп чыкты; ал андай шаан-шөкөттөргө, эстрадалык атакка такыр эле кызыкпады, андайга жөндөмү да жок экен. Ал ырларын сарандык менен анда-санда бир жарыялап койгону болбосо, чыгармачылыгына аяр карап, өтө аздектеп, кызганчаактык менен мамиле кылып, өзүнө өзү ыраазы болбой көжөлүп иштеп, изденип, узана бере турган. Китеп чыгарбаганына, балким, ошол сапаты да себеп болгондур. Ушундан улам адабиятчы Камил Султановдун Расул Гамзатов менен болгон маеги эске түшөт. Адабиятчы Р.Гамзатовдон чыгармачылыгынын башталышында эмне үчүн китеп чыгарбай жүргөнүн сураганда акын “”Писать и печатать–это разные вещи. Писать надо много, а печатать – мало или вовсе не печатать до поры до времени”(К.Султанов “Расул Гамзатов” Махачкала, 1975, стр.21) (7) – деп жооп берген экен. Анын сыңарындай акын Жолдошбек Зарлыкбеков да изденүүнү, нукура поэзия жаратууну негизги озуйпасы катары көрүп, ырларын жарыялоого анча маани бербей, зарыл деп эсептебесе да керек. Мисалы, жаштардын “Учкун” альманахы 1972-жылдан 1993-жылга чейин 20 жолу чыгып, ага сегиз жүзгө жакын адабият талапкерлеринин ырлары басылса, 1978-1984-жылдары азыркы белгилүү акындар Кожогелди Култегин 6 жолу, Кыялбек Урманбетов 5 жолу, Жедигер Саалаев 4 жолу ырларын жарыялашкан. Ошол мезгилдеги чымыны бар жаш калемдердин бардыгынын М.Шаханов айткандай :
Анау турган бидайды

Комбайн менен жинайды – деген сыяктуу үйрөнчүк ырлары жарык көргөн ушул альманахка Ж.Зарлыкбековдун бир да ыры чыккан эмес. Ал калеми төшөлө элек жаш акындар жарышып чыгып жүргөн “Учкунга” ырларын жарыялоону да туура көргөн эмес окшойт. В.Брюсов “Жазуучунун чыгармачылыгынын маанисин жарык көрбөй калган колжазмалары аныктайт. Ортозаарлар жазып да, жазганын чыгарып да үлгүрүшөт. Көп ойлонуп, көп изденип, сонундарды жазып, басып чыгарууга үлгүрбөй калгандар – чыныгы таланттар” деп таамай айткандай, Ж.Зарлыкбеков кызылдай мээнет кылып, ар дайым тыным албаган изденүүнүн үстүндө болуп, китеп чыгарууга ашыккан эмес. Барып-келип бул анын нукура искусство жаратууну көздөгөн бийик максатынан, бекем тутунган туруктуу чыгармачылык кредосунан болду го деп ойлойм. Айрым маалыматтарга караганда кийин эле Ж.Зарлыкбеков “Турар” басмасынын ээси Тилек Мураталиев менен китебин чыгаруу боюнча макулдашып, китебин түзүп, бирок “дагы ондойм” деп кармап жата берип, анан дартка чалдыгып, акка моюн сунуп, кете бериптир. Андан кийин Тилек Мураталиев да дүйнө салды. Ошо менен китеп чыкпай калыптыр. Балким, нукура поэзиянын кунун билген меценат азаматтар Ж.Зарлыкбековдун сары майдай сакталган адабий мурасынын багын ачып, кыргыз поэзиясын байытып, элибиздин руханий казынасын толтурат деген ойдобуз. Мындай көрүнүштөр адабият тарыхында көп эле кездешет, мисалы, грузин поэзиясынын классиги Николаз Бараташфилинин ырлары да эскирген сары кагаздарда калган, анын бир да ыры көзү тирүүсүндө басма бетине чыккан эмес. Мезгил өткөндөн кийин барып, ал ырлар дүйнөгө тарап, даңаза болуп, классикага айланган. Орус поэзиясында философиялык лириканын ири өкүлү Ф.Тютчевдин чыгармачылыгы өспүрүм кезинде эле башталган, ал 40 жыл бою журналдарга ырларын жарыялап келген. Башкаларга окшоп, китеп чыгарып, анын аркасы менен атак-аброй алуу, сый-урмат көрүү оюна да келбептир, ырларынын күйөрмандарынын демилгеси менен биринчи китеби элүү бир жашында араң жарык көргөн. Орус коомчулугу “китеби жок” деп аны өгөйлөбөй, тескерисинче талантту акын катары ага сый-урмат көрсөтүп, Ф.Тютчевдин ырларына И.Тургенев, Н.Некрасовдор жогору баа берген, ал Л.Толстойдун сүйүктүү акыны болгон, ал эми Ф.Достоевский аны “орустун биринчи акын – философу” деп баалаган (бул тууралуу караңыз:Лев Озеров “Поэзия Тютчева” М., 1975, стр.18)(8) Демек, поэзия акындын атак-даңкы, наам, сыйлыгы, же том-том китептери менен бааланбайт. Анткени, баары өтөт –кетет, келечек муунга “Кудайга ми мертебе калп айтса да, ырына бир мертебе калп айтпаган”(Алыкул) чыныгы чыгармачыл тагдыр күткөн акындын нукура поэзиясы гана калат.



*Пайдаланылган адабияттар*

1. О.Ибраимов “История киргизской литературы XX века”(2014)
2. А.Садыков “Кыргыз залкарлары” 2013
3. “Кыргыз совет адабиятынын тарыхы”(2-том)
4. В.Кожинов “Зачем изучать литературное произведение?” “Контекст—1973”, М., 1974, стр.179
5. Д.С.Лихачев“Об общественной ответственности литературоведения “Контекст—1973”, М., 1974, стр.10
6. “Ала-Тоо” журналы 1990-жылы №9, 70-бет
7. К.Султанов “Расул Гамзатов” Махачкала, 1975, стр.21
8. 18ев Озеров “Поэзия Тютчева” М= Л., 1975, стр.

*Ж.Баласагын атындагы КУУнун Манас таануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасынын доценти А.С.Медетовдун “Адабият илиминин проблемалары” аттуу макаласына*

## Пикир

Доцент А.С.Медетовдун “Адабият илиминин проблемалары” аттуу макаласында азыркы мезгилдеги адабият таануунун жана адабият тарыхын изилдөөнүн айрым проблемалары негизги предмет болуп алынган. Көп жылдык иликтөөлөрүнүн негизинде макаланын автору туура белгилегендей акыркы отуз жылда, мындайча айтканда постсоветтик мезгилде адабияттын да, аны изилдеген илимдин да жаны проблемалары пайда болду. Мурда мамлекет тарабынан иштетилип, каражат бөлүнүп келген китеп басып чыгаруу өндүрүшү толугу менен токтоп, жеке менчик басмаканалардын колуна өттү. Калем акы төлөө системасы токтоп, акын-жазуучулар жазган чыгармаларын өз каражаттарына чыгарууга мажбур болушуп, сүөөнчү издешип, кыйын абалда болушту. Рынок заманынын ушундай кыйын жагдайында көптөгөн авторлор китептерин чыгара албай кыйналып калышты. Алардын айрымдары изилденбей адабият илиминин көз жаздымында калып жатканын автор туура белгилеген. Макалада козголгон маселе эң туура.

*Макала жогорку илимий-теориялык денгээлде жазылган Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысына жарыялоого сунуш кылса болот.*

**Бокешова Максатгүл Турганалиевна,
Ж.Баласагын атындагы КУУнун манас таануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасынын башчысы, доцент, филология илимдеринин кандидаты**

# Улут тили жана адам укугу

**Жолдош Турдубаев**

*Редакциядан: Бул макала мындан жыйырма жылдай мурун мамлекеттик кызматкерлер мамлекеттик тилди билсин деген талапка каршы адам укуктарын колдонууга аракет кылгандарга жооп иретинде орус жана кыргыз тилдеринде жазылган экен. Ошондон кийин бул маселеде укукту бетке кармагандар кыйла тартынып калышкан. Муну бүгүн да эске салып коюу керек.*



Мамлекеттик кызыкчылыкты, идеологиялык ченемдерди биринчи орунга коюп, адамдын кадыр-баркын, жеке эркиндигин көбүнчө эске албаган тоталитардык система кыйраган соң жарандын милдеттери, жоопкерчилиги тууралуу анча сөз болбой, негизинен «адам укуктары» жөнүндө көп айтыла баштады. Ошентип, мурункуга карама-каршы багытта аша чаап кеттик. Чындыгында укук-милдет теңдештигин сактабаган шартта алдымжуттумдар, уурулар, талоончулар пайда көрүп, бүтүндөй коомдун, көпчүлүк элдин укуктары тебеленди. Мына ушундай карөзгөйлүктүн айынан ар бир жеке кыргыздын жана жалпы улуттун эң негизги таламдары жокко чыгарылып, бир жактуу, үстүрт чечмеленген «адам укуктары» сөз айкашы бузукулардын ээнбаш жоруктарын актоо каражаты катары колдонулуп калды.

Буга биз өзүбүз да күнөөлүүбүз. Илгертен эле кимдин камчысы катуу чабылса, ошонун сөзүн орундуу көрүп, «оозу кыйшык болсо да, байдын уулун сүйлөтө» берип жаман үйрөтүп алганбыз. Укуктук маданиятыбыз абдан төмөн. Бизде укуктун баарын билгизиги күчтүүлөр менен байлыгы көптөр ээлеп, карапайым калайык, колунда жокторго милдеттер гана калган. Диалектикалык түрдө ажырагыс түшүнүктөр болгон укук менен милдет экиге бөлүнсө, таптакыр мааниси өзгөрөт да, биринчиси ээнбаштыкка, экинчиси кулчулукка айланат. Мына ушул айнығыс чындыкты эске албагандыктын кесепетинен 2 миллиард долларлык карызга батып, Кумтөрдөгү алтындан пайда көрүүнүн ордуна зыян тартып отурабыз.

Укуктук аң-сезимибиздин ойгонбогондугу экономикалык эле эмес, руханий чөйрөдө да орду толгус жоготууларга, түшкө кирбеген карөзгөйлүктөргө себеп болууда. Баарыбызга белгилүү мисалдардан бир-экөөн эле келтирсек жетишет. Мурдагы жылы Жогорку сот Аксы окуясы боюнча шашылыш өкүм чыгаргандан кийин ызы-чуу күчөп кеткени эсибизде. Ошондо өкүм мамлекеттик тилде жазылгандыктан, жабырлануучулар тууpa эмес түшүндү деп кутулушкан. Шылтоого шыноо таппай турган «Вечерний Бишкек» гезити муну биздин тилибиздин начар экендигинин далили катары жазып чыкты. Бирок Жогорку соттун кийин расмий тилде токулган токтомун деле эч ким (орус тилдүүлөр, алардын арасынан юристтер да) түшүнгөн жок. Буга таянып орус тили начар дейбизби?..

Улуттук биримдикке шек келтирүүчү, элди жаман-жакшы деп бөлүүчү саясат үчүн ким жооп берет?

Ошол эле жылы иш кагаздарын Мамлекеттик тил боюнча улуттук тил комиссиясы ар кандай кайрылуулар, арыздар мамлекеттик тилде келсе, кыргызча, расмий тилде келсе, орусча жооп кайтарылсын деген абдан жүйөөлүү сунуш киргизгенде, орус тилдүү гезиттер адам укуктары бузулууда деп комиссия төрагасы Т.Жумагуловду төө бастыга алышкан, аларга кайра эле өзүбүздүн кыргыздар кошумча болгон. Ач кыйкырык, куу сүрөөн салгандарга кайчы пикир айткан үндөр угулбай кала берди, анткени орус тилдүү гезиттер чыгарган жок. Мисалы, Кыргызстандагы тилдик кырдаал жөнүндө жазган менин талдоо макаламды «МСН» жана «Слово Кыргызстана» гезиттери жарыялабай койгон. Ырас, аз болсо да, эл окусун деп «Кутбилим» гезитине чыгардым.

Эми адам укуктарына кайрылалы. Чындап эле кыргыз тилин сактап калып, өнүктүрүү аракеттери адам укуктарына каршы келеби? Азыр дүйнө жүзүндө бул маселе боюнча негизги документ болуп саналган «Адам укуктарынын жалпы декларациясын» карап көрөлү. Ал БУУнун Генералдык ассамблеясынын 1948-жыл, 10-декабрдагы 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган экен. Кыргызстанда 30 беренеден турган (же 6-7 беттен ашпаган) бул текстти окугандар жокко жооп болсо керек. Ошондуктан мында жалаң эле укуктар жөнүндө айтылып, милдеттер тууралуу эч нерсе жазылган эмес деп ойлошот биздикилер.

Адамдын жашоого, саламаттыгын сактоого, билим алууга, эмгектенүүгө, менчик күтүүгө, өзү каалаган динди тутунууга же эч кандай диний ырым-жырымдарды аткарбоого, көз карашын эркин түрдө билдирүүгө, маалымат алууга ж.у.с. укуктары сакталышы зарыл экендиги мында таасын белгиленген. Бирок эгер бул документ ушуну менен эле чектелип калып, милдеттерди эске албаса, дүйнөлүк кадыр-баркка ээ болмок эмес. Адамзаттын гуманисттик мүдөөлөрүнөн жаралган бул Декларациянын өзөгүн теңдик, тең укуктуулук, адилеттүүлүк, жалпы бирдей тынчтык, эркиндик идеялары түзөт. Эми ушул документтин 29-беренесин окуп көрөлү:

"1. Ар бир адам белгилүү коомдо гана инсан катары эркин жана толук жетилиши мүмкүн, анын ошол коом алдындагы милдеттери бар.

2. Өзүнүн укуктарын жана эркиндигин жүзөгө ашырууда ар бир адам башкалардын укуктары менен эркиндигин тийиштүү деңгээлде таануу жана урматтоо, демократиялык коомдогу адеп-ахлак, коомдук тартип жана жалпы байгерчиликти камсыздоо максатында гана зарыл чектөөлөргө кабылышы мүмкүн.

3. Бул укуктарды жана эркиндикти жүзөгө ашыруу эч качан Бириккен Улуттар Уюмунун максаттарына жана эрежелерине каршы келбеши керек".

Демек, тил билбегендигине байланыштуу укугубуз чектелет деген мансапкорлордун доосу такыр негизсиз. Тескерисинче, мамлекеттик кызматкерлердин кыргызча билбегендиги Кыргызстандагы калктын көпчүлүгүн түзгөн кыргыз жарандарынын укугун чектейт. Алардын эне тилинде кайрылган арыздарына орусча жооп алып жатканын укук коргоочулар неге ойлобойт? Анткени биз өзүбүз унчукпайбыз.

Укуктук маданият, укуктук аң-сезим дегенде сөзсүз эле мыйзамдардын беренелерин жатка билүүнү эмес, эң оболу адилеттүүлүк сезимин, акыйкатты жактаган акыл-эсти түшүнүүбүз керек. Ырас, Конституциябызды окуп, аны күндөлүк турмушта колдоно жүрсөк кандай сонун болор эле! Бирок Баш мыйзамыбызды окуй элек адам деле жок дегенде укукка тиешелүү эң жөнөкөй бир нерсени билет.

Совет доорунан бери орусча "право" дегенде айдоочулук укукту күбөлөндүргөн документти эстейбиз. Жолдо жүрүү эрежелерин билбеген адам машине айдап баратса, аны МАИ кызматкери токтотуп, эреже бузганы үчүн айып салды же башкалардын өмүрүнө коопту жагдай түзгөндүгү үчүн айдоочулук күбөлүгүн алып койду дейли. Мында ошол адамдын укугу бузулдубу? Жок! Ал өзү мыкты билүүгө, иш жүзүндө да сактоого милдеттүү болгон эрежелерди билбегендиги үчүн жаза тартты. Эмне үчүн мамлекеттик тилди билбеген мамлекеттик кызматкердин эмгек акысын кыскартпайбыз? Ал өзүнүн кызматтык милдеттерин жарым-жартылай, б.а. расмий тилде гана аткара алаарын көрсөтүп жатпайбы?..

---

## Аскарбек Бекбоев, профессор

# «Акыл»дан тутанган ойтолгоо

## (илимий публицистика)

Тагдыр субъективдүү феномен катары ар бир пенде баласынын өз колунда. Демек, бул ой бүтүмдүн логикалык семантикасы жакшы-жаман мүнөздүн тамырын өзүнөн эмес өзгөлөрдөн издөө – өз ишин башка бирөөгө жүктөө дегендик. Булуң-буйткалуу татаал турмушта аты жакшы, заты жаман, аты жаман заты жакшы, аты, заты да жаман, аты, заты да жакшылар болот. Бирок, жакшы болуш аста-аста, жаман болуш бир паста деп, жакшылыкты күтө билиш керек шекил адилет айтылган ойкортунду накыл кеп бар. Ырас эле жакшы болуш бардыгынын колунан ар дайым эле келе бербес. Ал эми жакшынын жакшысы болуш чанда бир кишинин, жакшы болуш жаратканды амири менен бешенесине бүткөн касиеттүү инсандардын энчиси. Өзгөчө инсандык касиет өзгөчө сөз же сөз айкашы менен туюндурулат. Сөз – жалпыланган түшүнүк. Ыйык сөздө ыйык ой камтылат.



Курулай-көңдөй эмес, маңыздуу айтылган сөздү да идиреги бар, сөз баркын билген инсан айтат, сүйлөйт. Аз, бирок саз сүйлөгөн чечендер бар. Бир укум сөзгө бакандай ойду батыргандар бар. Сөз - улуу кубулуш, улуу бурулуш. Анткени ал адамга адамдыкты тартуулады. Сөздүн кудурети бир адамдын эс-акылына ээ бербейт. Мүмкүн бүтүндөй адамзаттын акыл-эси менен ченелээр. Жакшылык, жамандыгы тизгиндеш жүргөн катаал жашоо мыйзамына баш ийип өмүр өтүп кеткенден кийин адам баласынын анын инсандык кудуретине жараша иши, сөзү калат экен. Сөз, аны менен бирге менталитет (элдик "эс-акыл") элдин "улуттун" элдүүлүгүн аныктап турат.

Ар бир элдин тек өзүнө гана тиешелүү, кылымдарды карытып, турмуштун тар жол, тайгак кечүүсүндө калыптанып келген, өзгөчөлүктөрү бар. Турмуш-жайы, тиричилиги, татаал тарыхы менен шарталып, жалпы калктын жан дүйнөсүнө сиңген ал өзгөчөлүктөр элдин элдүүлүгүн аныктаган, мазмуну терең, мааниси кенен татаал туюнтмалардын, түшүнүктөрдүн жаралышына шарт түзөт. Турмуштук зарылдыктан улам, орду менен кыргыз кыртышынан жаралып, омоктуу ойду камтыган мындай туюнтмалардын бири – Аке түшүнүгү. Аке түшүнүгү – элдик акылмандыктын символу. Акенин акелиги анын мааниси терең, масштабдуу сөзүндө. (Мындан ары макалада акелик же тагыраак айтканда тарыхый инсан Кыдыр-Акеге тиешелүү логико-психологиялык штрихтер элдик акылмандыктын көрүнүшү катары пайдаланылат). Учкул, курч айтылган сөз менен турмуштук бай тажрыйбадан, өзгөчө жөндөм-дээрден улам калыптанган мазмуну терең ойдун жуурулушу акелик үчүн мүнөздүү көрүнүш. Акелер сөз баккан ойчулдар.

№05 (291)

31 05 2023

kyrgyztili@mail.ru

Бир караганда жөнөкөй баамдалган бул үч тамгадан турган кадимий сөз даанышман, кеменгер инсан-ойчулдардан (айталы “акелердин”) уңгулуу өмүр-таржымалы, уюткулуу акыл-эс парасаты, үлгүлүү нарк-насил тажрыйбасынан улам турмуштук феноменге, коомдук кубулушка, тарыхый-философиялык туюнтмага, концептуалдык өңүттөгү түшүнүккө айланды. Кыргыз элинин кылым камтыган улуттук тагдыр-тарыхынын олуттуу бурулуш мезгили менен байланыштуу болгон Аке түшүнүгү жогоруда учкай кеп болгон нака элдик өзгөчөлүктөрдүн бири. “Акелик” акылмандыктын конкреттүү-тарыхый формасы.

Тарыхый бурулуш катары мүнөздөлгөн  мезгил бүктөмүндө же коомдук өткөөл кырдаалда учурдун учугун аңдай албай, заман нугун тактай албай ички-сырткы себептерден улам нечендеген белгилүү-белгисиз  эл (этностор) турмуш тузагына илинип, көздөн кайым болду. Мына ушундай кырдыбычак абал кыргыз элинин энчисине бир эмес бир нече курдай туш болду. Элдин ыркы кетип, тышкы күчтөр азуусун жанып турган XIX-XX кылымдарда түндүк кыргыздарынын улут тагдыры кыйкым болсо үзүлүп кетчүдөй кыл учунда илинип турганда оопасыз апааттан элден чыккан акылмандар  сактап калган.  (Үркүн деп аталган коогаландуу тарыхый окуя, улуттук козолоң, социалдык катаклизмде учкул акылы менен учур күрдөөлүн кылдат туя билген Кыдыр-Аке өз элин кызыл кыргындан сактап калган).

Акыл, эс-акыл, акылмандык түшүнүктөрүн аздектеген же пир тутуу илимдердин илими болуп келген философияны нечен кылымдар бою түйшөлтүп келген маселе. Жер каймактап, Турпаты, Тиричилиги, Сөзү, Ою, Максаты менен макулуктар дүйнөсүнөн суурулуп чыккан адамзат  жашоо башатынан эле Акылмандыкты өнөр туткан, түбөлүк чындыкты издеген өзгөлөрдөн ой жүгүртүүсүнүн тереңдиги, дааналыгы, кенендиги менен айырмаланып турган инсандарды “философ” деп атап, алардан таалим алып, аларды ызааттап-урматтап келишкен. Бул жагдайды эске алсак Кыдыр-Аке элдик философ же элдик акылман болгон десек аша кеткендик болбойт. Албетте, баса белгилей кетүү керек, элдик философ менен профессионал философтун кескин айырмасы бар, бул өзүнчө аңгемелеше турган маселе.

Акылмандык – табийгый талант-жөндөмү аркылуу, мезгил менен мейкиндик шарттаган пенделик чектелгендиктин чырмалган торун силкип таштап, өз доорун болочок менен жалгаштыра билген, оңой менен түшүнүүгө мүмкүн болбогон турмуш нугун кылдат сезетуя билген, ойчабыты менен жашоонун эң жогорку баалулуктарын инсандык турпатына сиңирген адамдык касиет. Акылмандык – бул конкреттүү билимге негизделбеген, илимий фактыларга таянбаган, бирок көптөгөн жүйөөлүү сыяктуу пикирлердин эң мыкты-туурасын так аныктай билүү болуп эсептелет. Мисалы, белгилүү тарыхый инсан, ойчул Кыдыр-Аке тубаса кыраакылыгы менен кыргыз кыртышын, кыргыз мейкиндигин же өз доорунун өзгөчөлүктөрүн (ички жана тышкы карама каршылыктарын) туура баамдап, элдин келечеги кандай шартта камсыз болоорун аныктай алды. Турмуш нугунун күрөө тамырын кылдат аныктап, турмуштук тажрыйбаны так жалпылоонун негизинде келечектүү учурдун зарыл, келечектүү жагдайларын, багытын баамдай алды.

Акылман өз ой-түшүнүгүн эч качан зордук менен таңулабайт, ал улуттук кыртышты эске алып, кырдаалды так аныктаган жөндүү пикирин өңгөлөрдү кемсинтпей аларга жеткилең түшүндүрүүгө, аларды ынандырууга аракеттенет. Ал өзүнүн тубаса жөндөмдүүлүгү менен башкалардын мүдөөсүнүн ортосундагы айырмачылыкты жалпы кызыкчылыкка айланта алат, эл мүдөөсүн өзүнө максат кылып коюп, өңгөлөр аткара албаган ишти аркалайт. Акылман өзүнө каалабаганды өзгөлөргө да каалабайт, абийирдин алдында таза болуу – анын негизги турмуштук кредосу. Ошондон улам жогоруда учкай белгиленген  элдик акылмандардын бири Кыдыр Аке “Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок” деген накыл кебин кайра-кайра кайталап келген. Ал тар жол, тайгак кечүү менен шөкөттөлгөн турмуш сапарын, нечен ирет туңгуюкка барып кептелген эл тагдырын табиятынан бешенесине бүткөн таланты менен терең ойго ширелген күүгө салып катаал күндөрү комузун колдон түшүргөн эмес. Кырды-бычак кырч кырдаалда да комузун кылыч-найзага алмаштырган жок. Омоктуу ой сиңирилген орундуу кеп-сөзү менен далайлардын ачуу сезимин жооткотуп, кыябын таап кайчылаш кырдаалды жумшартып келди. Арийне, акылмандар акыл-эс энчисине бүткөн адамзаттын универсалдуу, жалпы, түпкү тилеги менен пенделиктин чен өлчөмүн так ажыратат, бирок алар зили барып намыска бек, керек учурда эл-жери үчүн жоо бетинен жалтанбайт...

Адатта акылмандар учурдун укуругу менен ооздукталган кырдаалдын кыябынан улам жаралган  убактылуу жеке кызыкчылыктарынан көпчүлүктүн мүдөөсү үчүн баш тартат, алар бир күндүк (түбөлүк) кубанычты бир минуталык (убактылуу) ырахаттан артык көрүшөт. Бир күндүк өмүрүң болсо түштүгүнө жорго минүү эмес, өз көмөчүнө күл тартуу эмес, таш боор кырсык жалама аскага такап турса да, бир күн эмес бир минуталык өмүрү болсо да аны көп менен көргөн бейиш деп жашоо, өз мүдөөсүн көпчүлүктүн каалоо-тилеги менен мап-чектей алган азганекей адамдар эл акылмандыгына татыйт. Эгерде турмуш шартына жараша өзүн-өзү чектөө (пассивдүү сапат, толеранттуу эрк) чыдамкайлык болсо, кыйын кезең-кырдаалдагы чечкиндүүлүк (активдүү эрк)  баатырдык болсо, акылмандык мына ушул эки сапатты ыгына жараша туура колдоно билүү болуп эсептелет. Акылман пенделик мүдөө-тилек, каалоо турмуш койгон талаптар менен чектелерин алдыртан сезе билет, алдыга койгон максаттардын кайсынысы аткарылбасын, кайсынысы аткарылаарын кылдат туя билип, ошого жараша аракеттенет.

Австриялык ойчул-жазуучу Стефан Цвейгдин мындай сөзү бар: “Саясий акылмандыктын биринчи белгиси – ишке ашпай турган иштен алдын-ала баштарта билүү“. Кыдыр-Аке да жалпы элдик кырсыкты алдын ала боолгоп, орус эли менен тил табышып жашоо зарыл экендигин эл-журтуна ачык айтып келген. Бирок тилекке каршы акылмандардын айтканын ар дайым эле уга бербейт экен.

Жогоруда биз сөз кылып келген “акылман” түшүнүгү “акыл” түшүнүгү менен синоним, мааниси боюнча окшош, бирок алардын айырмасы бар. Акылман – акылдуу, ал эми акылдуу ар дайым эле акылман боло бербейт. Акылмандык акылга караганда кеңири түшүнүк. Акылмандын акылы жүрөктөн түнөк алып, масштабдуу, түпкү инсандык касиет менен байланыштуу, анын айткан кеп-кеңеши сиңимдүү, жугумдуу келип, угармандын жан-дүйнөсүн өзүнө арбап алат. Акылдуууга акылсыз сымал көрүнгөн же байкалган кандайдыр бир нерсе, кубулуш  акылманга алда канча маанилүүдөй көрүнүпбилиниши толук мүмкүн. Акыл кимдир бирөөлөрдүн анын табиятынан шыбагасына бүткөн жөндөмдүүлүгү, ал эми акылмандык акылдуу өмүр сүргөн бийик инсандын ыйык жашоо образы. Акылмандык – акылдын акылы, акылдылуулукту акыл менен колдоно билүүнүн тажрыйбасы. Акылман ар бир конкреттүү нерсенин чыныгы илимий себеп-натыйжасын так-даана билбеши мүмкүн, бирок ал жеке нерселерди камтып, жөндөп турган жалпылыкты өтө жакшы билет. Акылмандык кандайдыр даяр билимдердин жыйындысы эмес, ал билим менен белгисиздик жалгашкан мейкиндиктеги орундуу терең ой жүгүртө билүү болуп эсептелет. Касиеттүү Кыдыр-Акенин айлында айланасында да акылдуу адамдар көп болгон, бирок накта акылмандыктын деңгээлине өз мезгилинен озуп Кыдыр-Аке, жалпы эле “акеликтин” ысымы белгилүү  өкүлдөрү көтөрүлө алды.

Акылмандык түшүнүгү барып-келип турмуш чындыгы менен байланыштуу экендигине, же белгилүү акын-ойчул Гете айткандай, “акылмандык - чындыкта”. Арийне, акылман адам кыраакы көрөгөч болот. Анткени айрымдар жалгыз дарактын артындагы калың токойду айрып тааный албаса, акылман калың токойдун далдаасындагы жалгыз даракты айрып тааный алат, көкүрөгү менен туя алат, зирек акылы менен көрө алат. Кыраакы көрөгөч инсандар байкалбаган, оңой менен аңдалбаган нерселерди тубаса купуя алтынчы сезими менен байкап-аңдай алат. Ал өзүнүн дарамет тажрыйбасына таянып, табиятынан энчисине бүткөн тубаса сезимталдыгына (интуициясына) терең ишенет. Ал боло турган коопсуз окуяларды алдын ала туя билет, андыктан кыраакы көрөгөчтүк көзү ачык деп мүнөздөлөт. Кыраакы көрөгөч инсан эмнени качан, кандай кылышты (же кылбашты) билет.

Жашоо тынымсыз процесс, жалпысынан токтоп калбайт, биринен бирине өтүп аалам ордунан оодарылбаса чексиз улана берет. Өмүр, тарых, деген менен, кандай гана окуя, кубулуш болбосун ал мерчемдүү убакыт-мезгилдин ыраттуулугу менен түшүндүрүлөт эмеспи. Өткөнчак, учурчак, келерчак – мезгил ченем-мерчемдери, өткөнчак – тарых, учурчак – бүгүнкү болмуш, келерчак – максаттуу келечек. Кыраакы-көрөгөч инсан бири-бири менен тыгыз байланышкан өтмөкатар тарыхты, болмушту жана максаттуу  келечекти кылдат айкалыштырып, алардын түпкүрүндөгү күрөө тамырынын кагышын, башкача айтканда аларды байланыштырып, алардын жалпылыгын аныктап турган мыйзам ченемдүүлүктөрдү так ажыратып  сезип-туя билет. Кеп ыңгайына ылайык учкай белгилей кетүүчү нерсе өткөнчак, учурчак, келерчактын өз ара өтмө катар (мыйзамченемдүү) байланышы турмуш нугун терең аңдай алган көрөгөч инсандардын болочокту жаңылбай аныктоосуна шарт түзөт. Демек, кандайдыр бир жол менен (анын ичинде кыраакы көрөгөчтүк менен) алдын ала аныкталган же айтылган, же баамдалган пикирлердин тереңинде өткөнчакты (тарыхты), болмушту, азыркы учурду жакшы билгендик камтылган, ал белгилүү нерселердин негизинде белгисиз нерселерди аныктай билүү болуп эсептелет. Акылман атайын билим албаса да жашоо-турмуштун уңгулуу нугун идирек сезимталдыгы менен даана туя билген, тигил же бул окуя-көрүнүштөрдүн далдаасында, тереңинде аларды тутумдаштырып, жөндөп турган жалпылык (азыркыча - жалпы мыйзам) бар экендигин баамдаган. Өткөнчакка таянып, учурдун күрөө тамырын кылдат кармай билип, болочогун аныктай билген. Акылмандын мындай  касиеттери өз заманынан озууга, мезгил-мейкиндиктин өктөм чектөөлөрүнөн суурулуп чыгууга, ысымын тарых бетине өчпөс тамгалар менен жазууга шарт түздү.

Акылман эл, журт, калк татаал уюмдашкан кубулуш экендигин, ошол эле учурда өткөнчак менен, аны таанып өз статусуна ээ болууга умтулган келер чактын кайчылаш багыттары ургаалдуу учурчактын бүйүр дымагын кызытып, турмуш «ритми» өз калыбынан чыгаарын, саясий кырдаал курчуурун аңдай алган. Көңүл тереңинде өткөн мезгил менен жаңы доордун аларга мүнөздүү касиет-белгилери, кошоктошуп ар кандай турмуштук сыноолор болоорун, ошондуктан өткөөл мезгилдин өзгөчөлүгүн акыл-эс менен аңдай билүү жаңы доордун жеңишине өбөлгө түзөөрүн билген. Эгерде кандайдыр себептердин негизинде турмуштук жаңылыктардын калыптанышына шарт түзүлбөсө, анын кесепети тиерин да туя билген. Жаңы менен эскинин айкалышы же эскинин акырындык менен жаңыга ылайыкташып башка сапатка өтүшү кыйла мезгилди талап кылаары да астейдил сезе билген. «Ачуу-душман-акыл дос» деп, айкөлдүккө сабырдуулукка үндөгөн. Жөнсүз доомат, жалган ураан же өтүп кете турган бүгүнкү убактылуу кыйынчылыктардын туткунунда калуу, ачууга алдырып, эмоцияга жеңдирсек, келечегибиз эмне болот деп кабатырланган. Зар мезгилдин ансыз да түтөп турган очогуна күйүп кетүүдөн, акыл-эске коошпогон кескин аракеттерден оолак болууга чакырган. Кысталыш учурдун туткунунда калбай, «жети өлчөп бир кесип» дегендей болмушка астейдил сарасеп сала билүү келечектин өбөлгөсү экендигине көзү жеткен. Ушундай акылмандык сапатты мүнөздөгөн байыркы грек философу Демокриттин мындай деп айтканы бар: акылман үч касиетке ээ – биринчиден, тура чечим кабыл ала билет; экинчиден жаңылбай калыс сүйлөйт; үчүнчүдөн,  ою менен иши дал келет.

Кыраакы, көрөгөч адамдын мүнөзү да өзгөлөргө окшошпойт. Өзгөчө экендигин билдирбейт, оор басырыктуу. Өзүн-өзү көтөрө чалбайт, өзү жөнүндө сүйлөбөйт, бирөөлөрдү кемсинтпейт. Алардын накта адамкерчиликтин көрөңгөугутун түзгөн “ички мени”, ички маданияты, жан-дүйнөсү бийик болот. Алардын жашоо таржымалы көрпенделикти адамкерчиликке баш ийдирүүнүн үлгүсү. Алардын кыраакы-көрөгөчтүгүнүн тамыры  өткөнчак - учурчак менен келерчактын пайдубалы-бешиги экендигин, учурчак – өткөнчак менен келерчактын чындыгы, алардын ширөөсүнөн бүткөн айгинеси экендигин, келерчак – өткөнчак менен учурчактын туундусу экендигин сезип-туя, түшүнө билгендигинде. Ушул аталган мезгил мерчемдери бири-бири менен өтмө-катар тыгыз байланышта экендигин кылдат баамдай алгандар гана тигил же бул окуяларды алдын-ала болжоп биле алат.

*(Уландысы бар)*

## Жек Лондон

# Бөрү баласы

***(аңгеме)***

**Кыргызчага которгон**
**Бахтияр Шаматов**



Эркек өзүнө жан тени жакын, жанбирге ургаачынын баркын анчалык биле бербейт – мындайча айтканда, үй-бүлөсүнөн айрылмайынча, аялды чындап баалай албайт. Ал аялзатынын үйдөгү эң кылдат, байкап, билип болбос жылуулугун элес албайт; бирок андай кут жоголоору менен анын жашоосунда аңылдаган боштук пайда болот, эркектана өзүнө эмне жетпей атканын билбей, көөдөнүн мыжыга эзген бүлбүлдөгөн эңсөө менен кусалыкка батат. Эгерде жанындагы жолдоштору жашоодо кагылып-согулуп көрбөгөн өзүнө окшогон немелер болсо, аны катуу таасир эте турган дары-дармектер менен шыкагандан, ардеме менен алаксыткандан башкага жарашпайт. Бирок бул куткарбайт – тескерисинче, эркектин жан дүйнөсүн ого бетер жабырката эзип, чыдагыс кыйноого салат, адам пендеси ошондо кадыресе жашоого болгон табитин жоготот; барган сайын үңкүйүп чүнчүйт; анан ичин сыйра жеп, өйкөгөн, аңылдаган жалгыздыкка таптакыр чыдай албай калган чекке жеткенде, оюна бир нерсе кылт этет.

Мындай акыбалга Юкондо жүргөн адам кабылып, эгерде иш жай учурунда болсо, демейде ал кайыгын белендеп кирет, ал эми кышкысын болсо иттерин чанага чегет да, түштүктү көздөй салып уруп жөнөп берет. Бирок ышкысы түндүккө абдан байланып калчу болсо, бир нече айдан соң ал жакка аялы менен кайтып барат, тагдыр кошкон колуктусу ошондо анын эгерим жылыбас бул кыйырларга болгон азгырык сүйүүсүн, ага кошо болгон азап-тозогун тең бөлүшүүгө тийиш. Нукура эркектик текеберликтин, өзүм билемдиктин ашып түшкөн далили ушул болоор! Ушул жерден Бирюк Маккензинин эсине башынан өткөргөн эзелки бир окуя түшөт; ал замандарда Клондайк элди тегиз азгырып, козуткан алтын дүрбөлөңү менен эмес, лосось балыгы мыкты ууланган жер катары даңкы чыгып турган кездер эле.

Бир караганда эле Бирюк Маккензинин турпатынан алгачкы жер өздөштүргүч адамды көрүүгө болот эле. Анын тотуккан жүзүнө жаратылыштын ырайымсыз күчтөрү менен тынымсыз кармашып келаткан жыйырма беш жыл өз тагын аёосуз түшүргөн; баарынан да ага Түндүк уюлдун астында катылып жаткан алтынды издеген акыркы эки жыл бөтөнчө машакаттуу болду. Жалгыздык жүрөгүн кысып келгенде ага кападар болуп же таң калган деле жок, анткени ал абдан бышык, тиричиликке бүйрө адам болчу, анан калса жашоосунда жалгыздык мээнети чырмаган пенделердин да далайын көргөн. Ошондонбу, азапка салган бул ооруну ал сезип да койгон жок, ого бетер шымалана түрүнүп, мурдагыдан да баш көтөрбөй, катуу иштечү болду. Жай бою чиркейлер менен согушуп, башталаары жакын калган кен казуудагы болочок үлүшкө деп чогултуп алган шаймандарын алып, Стюарт дарыясынын этек жагында кумдан алтын чайкамай менен алектенди. Андан соң жоон-жоон бакыбат дөңгөчтөрдөн сал курап алып, Юкон менен Кыркынчы милге чейин жетти да, ал жерде өзүнө мыкты алачык тургузуп алды. Алачыгы абдан бекем, жашаганга жайлуу болгондуктан, аны Бирюк менен бөлүшсөк деп күсөгөндөрдүн да бир тобу чыга келди. Бирок ал жамырап келгендерди кыска жана таамай айтылган эки ооз сөз менен үмүтүн таш каптырып, келген изине кайтарды да, бул жердеги жашоо мөөнөтүн ченемдеп туруп жакыныраак турган дүкөндөн тамак-аштын эки эселенген көлөмүн камдап алды.

Жогоруда айтылгандай, Маккензи ишке тың, абдан бүйрө адам дебедикпи. Бир нерсени көздөсө ага жетмейинче жаны тынбайт, бирок ошол эле маалда, эски адаттарын да таштабайт, беттеген багытынан да кайтпайт. Бел майышкан оор эмгек менен опурталы күч сыноолор Маккензиге кеп эмес эле, бирок болгону өзүнө аял издейм деп иттер менен алты жүз миль муз бетин басып, андан ары океан аркылуу эки миң миль сүзүп, анан акыры мурда өзү жашаган жерге чейин дагы миң миль аралыкты басып өтүүгө анын эзели каалоосу жок эле. Жашоо ансыз деле кыска эмеспи. Андыктан ал иттерин чегип, чанасына керектүү жүгүн артты да, батыш жагындагы боорунан Танана дарыясынын башаты агып чыккан тоо кыркасын көздөй бет алды.

Ал сапар жүргөндө чарчап чаалыгуу дегенди билчү эмес, иттери болсо Юкондогу эң бышык, ылдам, ал эми чанасы жол тандабас болуп эсептелчү. Үч жумадан кийин ал уруп салып отуруп Танананын баш жагындагы стикстер уруусу байырлаган жерге жетип келди. Аны көрөөрү менен уруу адамдары жапырт дүрбөп тосуп чыгышты, ооздору ачылып жардана карап туруп калышты. Танананын башатын мекендеген бул уруу жаман атагы менен таанымал эле; булар кубакай жүздүүлөрдү түккө турбаган нерселер үчүн — балтасы курч болсо, же мылтыгы сынып калса деле жан тындым кылып салган учурлар көп болгон. Бирок Бирюк Маккензи аларга коколой башы менен жалгыз келди, кадыресе сырткы турпатында көргөн жанды өзүнө тарткан ызат кылуу, элпек жөнөкөйлүк, салкын кандуу токтоолук менен ар кандай опуртал кадамга даяр бетпактык менен башын тобокелге сайган чоголдук бар эле. Түркүн курал сыяктанган мындай сапаттарды ийгиликтүү пайдаланып, кайсынысын кайсы учурда ишке салуу үчүн жапайылардын пейил-кулкун терең билүүгө да чоң өнөр керек болчу; бирок алчы таасын жеген Маккензи мындай иштерде ченемсиз чебер болгондуктан, качан жагалданып, шыйпактап, кайсы убакта буркан-шаркан түшүп, жаалын чачканды эң жакшы билчү.

Адегенде ал уруу башчы Тлинг-Тиннехке ызаат көрсөттү, ага памил чай менен тамекинин бир нече кутусун карматып, дароо эле анын сыйлуу кайрымына ээ болду. Анан уруунун жигит кыздары менен таанышып алды да, ошол эле күнү кечинде алар менен белек алмашып чыкты. Кечке жуук болсо кар бетинде узуну жүз футка жакын, туурасы жыйырма беш фут келген тегерек аянтча тапталды. Ортосуна оттон чоң жагып, эки тарабына кенен-кесир отургудай кылып карагайдын бутактарынан төшөп чыгышты. Анан уруу адамдары алачыктарынан жапырт топурап чыга келишти да баш аягы болуп жүз чакты киши ыраактан ат арытып келген коноктун урматына индеецтердин көөнө ырларынан созолонтушту.

Бул жылдар аралыгында Бирюк Маккензи индеецтердин тилин жакшы эле билип калган эле – бир нече жүз сөздү, таңдайдан чыкчу добуштарды, башкаларды таң калдырган сөз айкаштарын, урматтоону билдирген сөздөрдү, бөлүкчөлөрдү жана аффикстерди эсине бекем түйүп, жадыбалдай жаттап да калган. Эми ал индеецтердин алгачкы поэзияга жык толгон тилине окшоштуруп, анча-мынча орой болсо да безелене көркөмдөтүп, ыгы жок салыштыруулардан аянбай, чеченсинип сайрап кирди. Тлинг-Тиннех менен бакшы да ага ошол эле таризде сый менен жооп узатып жатышты, анан ал эркектерге майда-барат белек берип, аларга кошулуп ырдап, тигилердин жанындай көргөн кумар оюну «элүү экиде» да өзүнүн эч кимди алдына салбас чебер оюнчу экенин көрсөттү.

Ошентип анын белегин алып, тамекисин тарткан уруудагылардын баары ага ыраазы эле. Бирок жаштары жактырбагансып, дагы эле обочолонуп турушту – мында тымызын ызырынган чакырык да, эрдемсинген текебер мактаныч да сезилип турду; кыткылыктап шыңкылдашкан жаш кыздар менен оозунда тиши калбаган кемпирлердин орой ишарасын байкап кулак түргөн кишиге иштин жайы эмнеде экенин түшүнүү кыйын эмес эле. Алар өңү кубакай адамдарды – Бөрүнүн Уулдарын – көп деле билишчү эмес, бирок так ошол бир ууч ак жүздүүлөр буга чейин бир нече жолу аларга жакшылап туруп көргүлүктү көрсөтүп коюшканы али эстеринен кете элек болчу.

Сыртынан бейкапар көрүнгөндөй барбалдаңдаганы менен Бирюк Маккензи мунун баарын астыртан тыкыр байкап турду. Анан түнкүсүн уктоочу мүшөгүнө оронуп жатып алгандан кийин кырдаалды дагы бир сыйра кайра оюнан сыдырып чыкты, болуп көрбөгөндөй олуттуу ой калчады, алдыда боло турган иштин мерчемин тыкандап тактап атып, тамеки шыкалган канжанын нечени тартып да салды.

Кыздардын ичинен анын көзү бирөөнсүнө гана түшкөн, ал кимдир бирөөнүн эмес, болгондо да уруу башчысынын кызы Заринканын өзү эле. Ал уруулаш башка кыздардан кескин айырмаланып турат; жүзү жайдары, ар кандай эркек атмайдын написисин агыткан эликтикиндей жалжылдаган сурмалуу көздөрү, келишкен сымбаты, назиктиги, айтор, бул кыз ак адамдын аялдын сулуулугу тууралындагы түшүнүгүнө толугу менен жооп берер эле. Маккензи алса дал ушул кызды аялдыкка алат, аны… ооба… Гертруда деп атайт! Ушундай бекем чечимге келген соң гана Маккензинин жаны жай алгансыды, капталына оодарылды да коңурук тарта уйкуга кирди – опурталы күч ишке башын сайган бул адам жеңүүчүлөр тукумунун чыныгы уулу эле.

Бирок ойлогонун ишке ашыруу оңой эмес эле, ал убакыт менен тынымсыз аракетти талап кылып турду, ошондо ойрон Маккензи куулугун ишке салды, анын эч нерседен бейкапар, маңыроо чалыш көрүнгөн кебетеси индеецтердин көөнүн тынчытып, биротоло жолдон урду. Ал уруудагы эркектерге өзүн көзгө атар мерген жана теңдеши жок аңчы экенин көрсөтүүгө аракет кылып, алты жүз ярд аралыктан туруп килейген багышты сулата атты эле, конуштагылардын ооздору ачылып, бири калбай дуулдашып, тегиз алакан чабышты.

Бир жолу кечинде ал уруу башчы Тлинг-Тиннехтин багыш менен бугунун жумшак мамык терилери төшөлгөн алачыгына учурашканы барды, дардалаңдап тынбай мактанып, тамекисин да аяган жок. Ушундай эле урмат-сыйды бакшыга көрсөтүп коюунун да ыңгайлуу учурун куру кетирбеди: анткени Маккензи уруу башчы сыйкырчынын ар бир сөзүн угаарын жакшы билчү, ошондуктан тезинен анын да көөнүн таап, колдоосуна ээ болгусу келди. Бирок керсейген дымактуу бакшы аны дегеле тоготчу түрү жок, заарынан кайтып, кичине кайрымдуу болчудай да эмес, ошончүн көңүлү жипкирген Маккензи аны эч ойлонбой туруп душмандарынын тизмесине киргизип койду.

Заринка менен сүйлөшүүнүн да оңтою келбей жатты, бирок Маккензи өзүнүн ички ниетин билдирип, кызга улам улам жалооруй карап коюп жүрдү. Насили ургаачы болгон соң тиги кыз албетте, анын оюн эң жакшы түшүндү, бирок наз көрсөтүп, кылыктанып, анан да дайыма топ кыздардын курчоосунда жүргөндүктөн, аны дегеле жанына жуутку-су жок, бирок Бирюк кызга башка жигиттер ыраактап кетер замат жакындап бара алмак. Ошентип ал шашпады, анүстүнө кыздын жүрөгүнө чок ыргытып койгонун, ошондуктан кыз кааласа, каалабаса ал тууралуу эрксизден ойлоорун билчү, — мейли, дагы бир-эки күн ойлоно турсунчу, ага ушу гана керек.

Акыры бир күнү кечинде аракет кыла турган маал келди деди; Маккензи ордунан шак туруп, уруу башчынын тамекиге ышталган алачыгынан сыртка чыкты да, калың карды кырчылддата ылдам басып кошуна алачыкка кирип барды. Заринка демейдегидей эле топ кыздардын ортосунда экен; баары иш менен алектенип отурушуптур: жумшак чокойгобу же кийимдергеби топчу шуруларды тигип атышкан окшойт. Маккензи кирип барганда кыздар дуу каткырып жиберишти, ошол замат туш-туштан аны менен Заринканын дарегине шыңкылдаган тамаша азилдер ыргыды; бирок ал каадала-

нып отурбастан, кыздарды чыйылдатып, биринин артынан бирин апчый кармап туруп алачыктан түз эле сырттагы карга ыргытты, алар болсо чуру-чуу түшүп, болгон иши элге жайыш үчүн конушту чарк айлана чуркап жөнөштү.

Маккензи айта турганын кыздын тилинде абдан ишенимдүү кылып айтты да, бир сааттай отурган соң кетмекчи болуп ордунан козголду.

— Демек, Заринка ак кишинин алачыгына барып жашайбы? Жакшы! Мен азыр сенин атаң менен сүйлөшөм, балким ал дароо эле макул боло койбостур. Мен ага толтура белек берем, бирок ал ашыкча эч нерсе сурабасын. Ал кокус «жок» дечү болсо, сен өзүм кетем деп айта аласыңбы? Болуптур эмесе! Заринка баары бир ак кишинин алачыгына барып жашайт, - деди ал кызга.

Ал эшиктин төбөсүнө илинген терини өйдө көтөрүп сыртка чыкмакчы болду эле, бирок кыз бирдеме дегендей болуп акырын үн каткандыктан, дароо артына бурулду. Заринка ошол бойдон жерге төшөлгөн аюунун мамык жүнүнө тизелеп отурат; жамалы тимеле Обо эненин үр кыздарындай нурданып чыгыптыр; кыз туруп жакын келди да, ыйбаа тартына Маккензинин курун акырын чечти. Тиги болсо айран таң, бирок тыштагы шырп эткен ар бир доошту да кулак сыртынан кетирбей, кызды кадала карап, турган ордунда катты. Бирок кыздын кийинки кыймылы анын бүдөмүк шегин биротоло таратып, ыраазы кыла жылмайтып жиберди. Заринка өз колунан чыккан буюмдары салынган мүшөктөн багыштын терсинен жасалып, не бир кооз мончок шурулар менен тышы асемделе тигилген кынды алып чыкты. Маккензинин белиндеги килтейген аң бычагын алып, анын устарадай курч мизине урматтоо менен карап койду да, манжасын тийгизе этияттап кармалап көрүп, акырын жаңы кынга салды. Анан аны курга кайра кийгизе байлап, сол жамбаштагы кадимки ордуна жылдырып койду.

Бул чынында эле тээ алыскы өтмүштөн алынган көрүнүштөй: үлбүрөгөн айым менен анын рыцарынын жолугушуусу эле. Маккензи кызды өйдө тургузуп, анын бышкан гиластай мала кызыл жумшак эриндерине өзүнүн туурулган одуракай эриндерин тийгизди, кыз өмүрү татып көрбөгөн мындай эркелетүү Бөрүнүн эркелеткени эле. Таш доору менен болот доору ушинтип жолугушту.



Колтугуна кысып алган килейген түйүнчөгү бар Бирюк Маккензи Тлинг-Тиннехтин алачыгынын босогосунда кайрадан пайда болгондо тегеректин баары жандана түшкөнсүдү. Чуру-чуу түшүп конушту тегерете чуркаган балдар белектер коюла турган жерге бутактарды жана куурайды сүйрөп келип жатышты, аялдардын тыным алба-

ган кажылдагы улам катуулап баратты, жаш аңчылар болсо обочолоно топтошуп алышып, үнүрөйө күңкүлдөшүп, өз ара бирдемелерди сүйлөшүп атышты, бакшынын алачыгынан болсо ак уруп дуба окуган, жөрөлгөсү кесепеттүү үндөр чыгып жатты. Уруу башчы айланбай токтоп калгансып күңүрттөнгөн көздөрүн бир чекиттен албай телмирген кемпиринин жанында отурду, бирок бир карап эле Маккензи анын азыр эмне айтаары небактан бери белгилүү экенин түшүндү. Ал белиндеги шуру менен кооздолуп тигилген бычак кынды баарына көрүнгүдөй кылып ортолото жылдырып койду, бул Заринка менен никелешүү болгонун билдирген белги эле. Анан ошол замат ишке киришти.

— О стикс уруусунун жана бүткүл Танана өлкөсүнүн, аюу менен багыштын, бугу менен лосостун кудуреттүү өкүмдары, Тлинг-Тиннех! Ак кишини сага улуу максат жетелеп келип отурат. Ай бир канча ирет жаңырса да анын алачыгы дагы эле бош жана ал жалгыз. Анын кусадар жүрөгү тынчтыкта жатып алып азап чегүүдө жана анын эңсегени аял – ошондуктан анда да аял болсун, алачыгында аны менен кошо отурсун, ал аңчылыктан кайтып келген сайын тосуп алып турсун, очокко от жагып, тамак бышырсын. Ак кишиге таң калардык кереметтер аян берди, анын кулагы кичинекей чокойлордун дүпүрөгөн доошун жана балдардын күлкүсүн укту. Бир жолу түндө жатып ал түш көрдү. Сенин бабаң Карга – стикстер уруусунун атасы чоң Карга – ага келип, сүйлөштү. Карга жалгыз жаткан ак кишиге мындай деди: «Чокоюңду кийгин да лыжа байлангын, узак өтмөктөрдү басып өтөөр чанаңа уруу башчы Тлинг-Тиннехке арнаган кымбат баа белектерди жүктө да, жаздын күнү барып батаар жер кыйырын беттеп, анан кудуреттүү Тлинг-Тиннех аңчылык кылган жерлерди көздөй сапар тарткын. Сен ал жакка бапыраган, берешен белектерди алып барасың жана менин уулум – Тлинг-Тиннех – сага ата болуп калат. Анын алачыгында мен сага арнап өмүр демин салып койгон кыз бар. Мына ошол кызды аялдыкка аласың». О башчы, улуу Карга мага мына сөздөрдү айтты. Сенин бут астыңа мына бул белектерди коюп жатканым да ошол аяндан. Сенин кызыңды аялдыкка алам деп келип турганым да ошондон.

Карт башчы падышадан бетер келберсиген кыймылы менен жүн чепкенин кымтынды, бирок жооп бергенге шашылган жок. Ушул маалда чатырга шып кирип келген балакай башчыны уруунун кеңешинде күтүп жатышканын чаңк эте кабарлады да кайра ошол замат көздөн кайым болду.

— О биз Багыштардын үшүн алгыч деп атаган, ошондой эле Бөрү жана Бөрү Баласы деген аты менен таанымал ак киши! Биз сенин Улуу уруудан экениңди билебиз; сен биздин кадырлуу коногубуз болгонуңа сыймыктанабыз; бирок кызыл балык лососко жуп эмес. Ошонун сыңарындай эле Бөрү да Каргага жуп эмес.

— Болбогон кеп! – кыйкырып жиберди Маккензи. – Мен Карганын кыздарын Бөрүнүн лагерлеринен – Мортимердикинен, Трежидгонукунан, Бэрнебиникинен жолуктургам, — алардын алачыгына аял муз эки жолу тоңгондон мурда кирген; көзүм менен көрбөсөм да башкалары да бар экенин укканмын.

— Сенин айткандарың туура, уулум менин, бирок бул никелер жарыбайт: бул никелер суу менен кумдун, кар менен күндүн никесиндей эле. Сен Мейсон деген адам менен анын аялын жолуктурган эмес белең? Жок? Ал Бөрүлөрдөн биринчи болуп, муз он жолу тоңгондон мурда бул жерлерге келген болчу. Аны менен кошо гризли аюусундай болгон дөө, иванын бутагындай сымбаттуу, жүрөгү жайкы толукшуган айдай алп чогуу келген эле. Мына ошону…

— Ооба, ал Мейлмют Кид болчу! – деди Маккензи башчынын сөзүн бөлүп. Сүрөттөп киргенде эле анын бүткүл Түндүктө атагы чыккан адам экенин ошол замат билген эле.

— Алп так ошонун өзү. Бирок сен Мэйсондун аялын көрдүң беле? Ал деген Заринканын бир тууган эжеси болчу, — деди башчы.

— Жок, башчы, мен анын аялын көргөн эмесмин, бирок ал тууралуу сында укканмын. Түндүктүн тээ бир алыс-алыс жагында кылым жашаган карт кызыл карагай кулап кетип, Мэйсонду басып калып, ал мерт кеткен болчу. Бирок анын аялына жанган махабаты чексиз эле, алтыны да көп эле. Аялы ошол алтынды, андан калган уулун алып, узак сапарга аттанган, көптөгөн өтмөктөрдөн ашкан соң кышкысын күн тийген өлкөгө жеткен… Азыр деле ошол жакта жашап жатат, ал жакта чыкылдаган каардуу аяз жок, кар жок, жайкысын жарым түндө күн чыкпайт, кышкысын болсо, чак түштө караңгылык өкүм сүрбөйт.

Алардын кебин ушул жерден кирип келген экинчи чабарман бөлүп, уруу башчынын кеңешке келсин деп жатышканын кабарлады. Сөзгө жолтоо болгон немени желкесинен сүйрөп чыгып карга ыргыткан Маккензи көз кыйыгы менен уруу кеңеши чогулган улуу оттун тегерегинде теңселип турган караандарды байкады, эркектердин жоон үндөрү менен бир демде жайбаракат ырдап жатканын укту жана бейжайлана күүлөнүп алган бакшы адамдардагы жек көрүүнүн жалынын ого бетер күчөтүп жатканын түшүндү. Күтүп отурууга убакыт тар эле. Маккензи уруу башчыга кайрылды.

— Уксаң! – деди ал. – Мен сенин кызыңды аялдыкка алгым келет. Карачы: мына тамеки, мына чай, көп кадак кант, мына жылуу жууркандар жана кооз бышык жоолуктар, бул болсо чыныгы мылтык, ага кошо абдан көп дүрмөт, патрондору менен аласың.

— Жок, — деди абышка астына жайылган бапыраган байлыкка азгырылбоого абдан тырышып. – Азыр менин уруум кеңешке чогулду. Ал Заринканы сага бергенимди каалабайт.

— Бирок сен деген жол башчысың да.

— Ооба, бирок жаш жигиттердин жаалы кайнап турат, анткени Бөрүлөр алардын болочок колуктуларын тартып кетип жатышпайбы.

— Укчу, Тлинг-Тиннех! Бул түн күнгө алмашканча, Бөрү өз иттерин Чыгыш Тоолорун жана андан ары – алыскы Юконду көздөй кубалап жөнөйт. Заринка болсо анын иттерине жол салып берет.

— А балким бул түн оогучакты менин жигиттерим Бөрүнүн этин иттерине салып берер, анын сөөктөрү жазгы күн келип эрип кеткичекти кардын астында чачылып жатаар…

Коркутууга ушундай коркутуу менен жооп болду. Маккензинин жез түспөлдөнгөн буудай өңү албырып чыкты. Доошун бийик көтөрдү. Ушул мүнөттөн тарта кайдыгер көрерманга айланган уруу башчынын кемпири анын жанынан жыла басып сыртка чыкмакка кам урду. Ыр токтоп, кобурашкан үндөр угулду. Маккензи жөрмөлөгөн кемпирди орой аткый кармап туруп, жумшак териден жасалган ордуна кайра ыргытты.

— Сага кайрадан чакырык айтып кайрылам, о Тлинг-Тиннех - укчу! Бөрү жаагын душманынын кекиртегине карыштырган бойдон өлөт, бирок ал сенин урууңдун эң күчтүү деген он жигитин өзү менен кошо ала жатат, — эркектер болсо силерге керек, анткени аңчылыктын мааалы жаңыдан гана башталып келатат, балык уулоонун мезгили келерине да ай бир-эки жолу жаңырган убакыт калды. Ошондуктан мени өлтүргөндөн сага не пайда? Мен сенин элиңдин үрп-адаттарын жакшы билем: мен бере турган байлыктын көбү сенин үлүшүңө тийбей деле калышы ыктымал. Кызыңды мага бер – ошондо байлыктын баары жалгыз өзүңө калат. Сага дагы муну айтып коёюн: бул жакка менин бир туугандарым келет – алар көп, алардын көзү эч нерсеге тойбойт, — жана Карганын калган кыздары да өз балдарын Бөрүнүн алачыгында төрөй башташат. Менин уруум сеникинен алда канча күчтүү. Жашоо тагдыр деген ушундай. Кызыңды мага бер, бул байлыктын баары сеники болот.

Сыртта, чокойлордун таманы астында кардын кычыраганы угулду. Маккензи мылтыгын ийнинен түшүрүп, оңтойлото кармады да, куруна илинүү кош тапанчанын кабын чечип койду.

— Бергин, кызыңды, о Тлинг-Теннех!

— Менин элимдин берер жообу – «жок»!

— Бергин да, мына бул байлыктын баарын ал. Элиң менен анан өзүм сүйлөшүп алам.

— Мейли, Бөрү каалагандай болсун. Мен тартууларыңдын баарын алайын, бирок эсиңде болсун, мен сага эскерттим.

Маккензи ага белектерин тапшырды, мылтыктын бекиткичин көтөрүп койгонду унутпай, белекке кошо көз жоосун алган шайы жоолукту да карматты. Ушул жерден беш-алты жаш жоокердин коштоосунда акшыңдаган бакшы кирип келди эле, бирок Маккензи алардын баарын тайманбай эки жакка түртүп салып, чатырдан чыгып кетти.

— Камдана бер! – саламдашкандын ордуна ал Заринкага кыска гана ушу сөздү айтты кыздын алачыгынын жанынан өтүп баратып, анан шаша-буша иттерин чанага чеге баштады.

Бир нече мүнөттөн кийин ал сапар тартууга белендөлгөн чанасын сүйрөгөн бойдон кеңешке келди; кыз жанында баратты. Түз эле барып тапталган аянттын төр жагынан, башчынын жанынан орун алды. Заринкага болсо өзүнүн сол ыптасынан бир кадам арттагы орунду көрсөттү, эрдин зайыбы отура турган жер ошол эмеспи. Анүстүнө минтип опуртал кысмактар турганда бул жапайылардан ар нерсени күтсө болот, ошондуктан сени бирөө артыңдан калкалап, көз салып турушу зарыл эмеспи.

*(Уландысы бар)*

# Съездбек Эсенбаев

*Бу ысым адабий айдыңга таптакыр белгисиз экендиги анык. Съездбек байке 1952-жылы Кочкор районунда мугалимдин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген, 1969-жылы Кара-Суу орто мектебин аяктагандан соң 1973-жылга чейин КМУнун экономика факультетинде жогорку билим алып, өмүр бою айыл чөлкөмүндө ак кызмат өтөдү. Үч кыз, бир уулдун атасы. Мындан сырткары ал чар тараптуу илим, билимге кызыгып, бийик интелекттүү деңгээлге ээ болгон жана да көмүскө десе да болоорлук, өз алдынча поэзияга ынтызарланып, дасыккан акындардай ай жаркын ырларды да жазып келиптир.*

*Эмне үчүн көмүскөдө дээрсиз? Анткени ал кыргыз поэзиясынын чолпон жылдызы атыккан Шербет Келдибекованын бир тууган иниси болгон. Анан да, жездеси да айтылуу калемгер Алым Токтомушев, демек кайталангыс бу кош таланттын алдында тарбиялуу, сыпаа Съездбек агабыз өзүн-өзү катып, ырларын жарыкка анча эле алып чыккысы келген эмес окшобойбу, атаңдынгөрү дүнүйө... А болбосо береги ырлары кайсы акындан кем, окуп көрүңүз...*

*Дүйшөн Керимов*



## Альбомго жолугуу

Ойлогомун чыккан эстен деп,
Келди дешти атың айтылды.
Көз алдыга келип өткөндөр
Бир бир нерсе кысты алкымды

Унутулган ойлор жүздү тээп,
Укмуштуудай жүрөк туйлады.
Качанкы бир өткөн кезди эңсөө,
Тунук музун, тунук сууларын.

Келген менен үйгө энтиге,
Да кечиктим, дагы тартындым.
Жан дүйнөмдү бирөө көрчүдөй,
Саа жолуктум элдин артында.

Жоктобогом, а сен кайда элең,
Жолугууга келдим каяктан.
Күнөөсү жок мөл-мөл жан элең,
Күйөөң сени кантип таяктайт?...

6.11.1989.

* * *

Билбей-туйбай материя өмүрүн,
Жолугупмун аң-сезимдүү тепкичтен.
Жарты да эмес миллиарддан бөлүгү,
Жашамакчы башка түргө өткүчө.

Биримдүүлүк жок нерсе го жалгыздар,
Жолугушат тирүүлүктүн доорунда.
Жердин күнгө магнити бар мисал,
Тартат мени жашоо өзүнүн койнуна.

Тарых Римди жеңип турган тараза,
Бир жагы бош, бир жагында кечээги.
Билип турам бир Шекспир жаралса,
Курманбектин принц Даттан өтөөрүн.

Элди жигит ээрчите алат атасыз,
Эркиндик аа оюну эмес эркенин.
Чын эмеспи «жоо чабардын» жартысы,
Төлөгөндөн төөлүк өйдө экени.

1977-жыл.

## Туулган күн

Дүйнөгө туулмак ар бир адам парзы,
Ушул күн жазылыптыр бешенеме.
Келдим мен, көрдүм анан көзүмдү ачып,
Медер же мээнет болуп ата-энеме.

Көңүлдөгү шаттануу качып улам,
Көрүнөө ойлор басат бүдөмүктүү.
Кечеги келет деген бакытымдан,
Сеземин ушул күнү күдөр үздүм.

Куш катың келет тааныш тамгаларда,
Кут айтып отузунчу жазым үчүн.
Негедир кубануу жок баштагандай,
Сеземин ушул кабар акыркысы.

* * *

Төлөктүн төтө бели,
Кош караан эрбеңдеген.
Төрт, беште кичирээги,
Улуусу сегиздерде.

Барышат таштак жолдо...
Кай жакка шашасыңар?
Атама аскар тоодой,
Ай сулуу апабызга!

Жап-жарык тамыбызга,
Жагалмай уясындай.
Ойногон жайыбызга,
Туп-тунук суулар аккан.

Булуттуу тоолор жакка,
Бадалдуу жагабызга.
Күн менен ойноп чыккан,
Күлүстөн агабызга.

Күн батып кете элек кез,
Кош караан жетелешкен.
Саамайын желбиретип,
Баратат секелек кыз.

Айрылбай колуңар да,
Арбысын катарыңар.
Шыр болуп жолуңар да,
Арыбай сапарыңар...

* * *

Жымжыртыкта айлана да, жан дүйнөм,
Бир түп бадал сөңгөк болгон чыйырда.
Чарчадым мен, өмүрдөн да, сүйүүдөн,
Көкүрөктө уюйт көңүл сыныгы.

Бадал окшоп тарам-тарам бутаксыз,
Жашыл дүйнө, жалбыраксыз, жашоосуз.
Отурамын баткан күндү узатып,
Баарын кечип кете албастан баш ооруп.

Күн да мизсиз, күүгүмдөнүп кеч күз да,
Илебинен ичиркенип ал-жаным.
Канча бүткөн кайруусунан кечигип,
Каруу-күчсүз калган кайран жаш чагым.

Түн да мына, түпөйүл бир ой-жоруу,
Көкүрөктө уюп, кайнайт кайрадан.
Эмне эми, өткөндөргө ойлонуу,
Өмүр күнүм өчө элек го анан да.

Асман күңүрт, айсыз дагы жылдызсыз,
Жарык күнгө кантип гана кайтаармын.
Кимди гана тепсебеген турмуш бу,
Чарчадым мен, эх, өлгүдөй чарчадым.

1977-жыл, 8-сентябрь.



**Кыргыз тили**
*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ
Телефон: 0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:**
ТААЛАЙБЕК кызы Аида
0(708) 09 03 24

КР Юстиция министрлигинде катоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары,
Бөкөнбаев көчөсү, 182
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары,
Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:**484
**Нускасы:**3885